Муну менен катар Ысык-Көл облусундагы тубар канаттуулардын санынын кыскарышы жалпы республика боюнча жумуртка өндүрүүнүн 4,6 пайызга төмөндөшү менен шартталды.

**26-таблица: 2015-жылдын январь-мартындагы мал чарбасынын продуктуларынын негизги түрлөрүнүн аймактар боюнча өндүрүлүшү**

| | Союлуучу мал жана канаттуу (тирүүлөй салмакта) | Чийки сүт | Жумуртка, миң даана |
|---|---|---|---|
| | *Тонна* | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **84096,7** | **240742,3** | **83405,5** |
| Баткен облусу | 5884,8 | 14044,5 | 2018,2 |
| Жалал-Абад облусу | 11575,0 | 35909,0 | 7632,0 |
| Ысык-Көл облусу | 10308,1 | 41867,4 | 5937,0 |
| Нарын облусу | 13410,2 | 19249,3 | 672,0 |
| Ош облусу | 15167,2 | 44564,0 | 7309,0 |
| Талас облусу | 6097,0 | 14343,9 | 3197,3 |
| Чүй облусу | 21159,4 | 69444,2 | 56211,0 |
| Бишкек ш. | 68,0 | 162,0 | 257,0 |
| Ош ш. | 427,0 | 1158,0 | 172,0 |
| | ***Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен*** | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **102,1** | **102,3** | **95,4** |
| Баткен облусу | 101,2 | 101,1 | 101,6 |
| Жалал-Абад облусу | 102,6 | 102,2 | 107,6 |
| Ысык-Көл облусу | 102,2 | 104,1 | 40,5 |
| Нарын облусу | 101,7 | 103,9 | 104,3 |
| Ош облусу | 101,4 | 102,0 | 100,7 |
| Талас облусу | 100,3 | 98,3 | 101,7 |
| Чүй облусу | 103,3 | 102,1 | 107,3 |
| Бишкек ш. | 97,1 | 83,1 | 187,6 |
| Ош ш. | 100,7 | 101,9 | 119,4 |

Союлуучу малдарды жана канаттууларды (тирүүлөй салмакта), ошондой эле сүт өндүрүүнүн өсүүсү Талас облусунан жана Бишкек шаарынан башка республиканын көпчүлүк регионорунда камсыздалды.

Жумуртка өндүрүү Жалал-Абад, Чүй, Нарын, Талас жана Баткен облустарынын чарбаларында өстү.

Бир уйдан орточо саалган сүт 333 кг түздү, Чүй (545 кг), Талас (435кг) жана Ысык-Көл (414 кг) облустарынын чарбаларында сүттү саап алуу орточо республикалык деңгээлден жогору болду.

**Курулуш.** Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 2015-ж. январь-мартында 15317,6 млн. сомду түздү, бул 2014-ж. январь-мартына караганда 11,2 пайызга көп. Үстүбүздөгү жылдын мартында анын көлөмү 7651,8 млн. сомду түздү, бул 2014-ж. мартына караганда 10,3 пайызга көп.

Негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2015-ж. январь-мартында 2014-ж. январь-мартына салыштырмалуу 5,9 пайызга өстү (салыштырмалуу баада) жана 16312 млн. сомду түздү. Үстүбүздөгү жылдын мартында алардын көлөмү 7719,7 млн. сомду түздү, бул 2014-ж. мартына караганда 6,2 пайызга көп.

**27-таблица: Негизги капиталга инвестициянын динамикасы**

| | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Мурунку айга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыз менен | | | |
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| Январь | 145,6 | 106,0 | 17,0 | 15,5 |
| Февраль | 141,9 | 105,5 | 191,0 | 190,0 |
| Январь-февраль | 143,1 | 105,7 | - | - |
| Март | 104,6 | 106,2 | 136,1 | 137,1 |
| Январь-март | 122,0 | 105,9 | - | - |

2014-жылдын январь-мартына салыштырмалуу ички булактардын эсебинен каржыланган негизги капиталга инвестициянын көлөмү 10,6 пайызга өстү (анын ичинен жергиликтүү бюджеттин эсебинен - 13,5 эсе, республикалык бюджеттин эсебинен - 2,4 эсе, ишканалардын жана уюмдардын эсебинен - 11,5 пайыз, калктын каражаттарынын эсебинен- 7,0 пайыз), тышкы булактардын эсебинен тескеринче, 5,2 пайызга (муну менен бирге тике чет өлкөлүк инвестициянын эсебинен - 58,9 пайызга) төмөндөдү.

**28-таблица: Январь-марттагы каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестиция**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **14663,7** | **16312,0** | **100** | **100** |
| **Ички инвестициялар** | **10339,0** | **12008,1** | **70,5** | **73,6** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдын каражаттарын кошкондо) | 62,3 | 156,3 | 0,4 | 1,0 |
| Жергиликтүү бюджет | 4,0 | 57,1 | 0,0 | 0,3 |
| Ишканалардын жана уюмдардын каражаттары | 5476,5 | 6413,7 | 37,4 | 39,3 |
| Банктын насыясы | 17,7 | 12,6 | 0,1 | 0,1 |
| Калктын каражатынан, КРдин резидентинин кайрымдуулук жардамын кошкондо | 4778,5 | 5368,4 | 32,6 | 32,9 |
| **Тышкы инвестициялар** | **4324,7** | **4303,9** | **29,5** | **26,4** |
| Чет өлкөлүк насыялар | 3055,1 | 3297,5 | 20,9 | 20,2 |
| Тике чет өлкөлүк инвестициялар | 1221,4 | 527,6 | 8,3 | 3,2 |
| Чет өлкөлүк гранттар жана гуманитардык жардам | 48,2 | 478,8 | 0,3 | 3,0 |

Үстүбүздөгү жылдын I кварталында 3853,9 млн. сом суммасындагы негизги фонддор ишке киргизилди, муну менен бирге өздөштүрүлгөн инвестициянын бир сомуна негизги фонддун 0,24 сому, 2014-ж. I кварталына караганда 0,36 сому туура келди.

**7-график: Январь-мартта аймак боюнча негизги капиталга инвестиция**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**8-график: Январь-мартта аймак боюнча турак жайларды ишке киргизүү**

*(киргизилген үйлөрдүн жалпы көлөмүнө карата пайыз менен)*



2014-жылдын январь-мартына салыштырганда айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук объекттеринин курулушуна негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн көлөмү 5,9 эсе көбөйдү. Каржылоо, негизинен, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдын, республикалык бюджеттин жана калктын каражаттарынын эсебинен (95,8 пайызы) каржыланды.

Өткөн кварталда 0,44 километр узундуктагы жээктерди бекемдөөчү курулмалар, 0,40 километр узундуктагы сугаруу каналдары ишке киргизилди.

Пайдалуу кендерди казуу объекттеринин курулушуна инвестиция өздөштүрүүнүн көлөмү 2015-ж. январь-мартында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 85,1 пайызды түздү. Муну менен бирге инвестициянын негизги көлөмү (99,2 пайызы) ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен каржыланды.

Иштетүү өндүрүшүнүн объекттеринин курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 2014-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 22,9 пайызга төмөндөдү (муну менен муңайзат продуктуларын өндүрүү боюнча объекттердин курулушуна инвестициянын көлөмү 26,2 пайызга азайды). Каржылоо, негизинен, чет өлкөлүк насыялардын (95,1 пайызы) эсебинен каржыланды.

Электр энергия, газ, буу жана кандицияланган аба менен камсыздоо объекттерин курууга багытталган каражаттардын көлөмү 2014-ж. январь-мартына салыштырмалуу 1,4 эсе өстү. Инвестициянын негизги көлөмү чет өлкөлүк инвесторлордун каражаттарынын эсебинен (84,4 пайызы) каржыланды.

Өткөн кварталда 10/4 кВ чыңалуудагы 18 комплекттүү трансформатор көмөкчордону, 0,4 кВ кубаттуулуктагы - 2,41 километр, 6-20 кВ кубаттуулуктагы – 3,31 километр чыңалуудагы электр өткөргүч линиялары пайдаланууга берилди.

Суу менен жабдуу, тазалоо жана калдыктарды иштетүү объекттеринин курулушуна багытталган инвестициянын көлөмү олуттуу (13,7 эсеге) көбөйдү. Муну менен бирге инвестициянын негизги көлөмү чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын, республикалык бюджеттин эсебинен (90,2 пайызы) каржыланды.

Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо объекттеринин курулушундагы негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2014-ж. I кварталына салыштырмалуу 2,6 эсеге көбөйдү. Курулуш ишканалардын жана уюмдардын, калктын каражаттарынын, ошондой эле чет өлкөлүк насыялардын эсебинен каржыланды.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо объекттеринин курулушу негизинен чет өлкөлүк инвесторлордун, калктын каражаттарынын жана республикалык бюджеттин эсебинен (97,9 пайызы) каржыланды, ал эми алардын курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 2014-ж. I кварталына салыштырмалуу 1,6 эсеге өстү. 2,21 километр аралыктагы ички айыл чарба жолдору ишке киргизилди

2014-жылдын январь-мартына салыштырмалуу мейманканалар менен ресторандардын курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 1,3 эсеге көбөйдү. Курулуш калктын каражаттарынын, чет өлкөлүк насыялардын, ошондой эле ишканалардын жана уюмдардын эсебинен өздөштүрүлдү.

Байланыш объекттерин курууга жана реконструкциялоого багытталган инвестициялардын (99,7 пайызы) негизги көлөмү ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен каржыланып, 2014-ж. январь-мартына салыштырганда 14,2 пайызга көбөйдү.

Билим берүү объекттеринин курулушуна багытталган инвестициянын көлөмү 4,3 эсеге, саламаттыкты сактоо - 3,7 эсеге олуттуу көбөйдү. Билим берүү объекттеринин курулушундагы негизги көлөм тике чет өлкөлүк инвестициялардын, ошондой эле чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен (86,5 пайызы) каржыланса, анда саламаттыкты сактоо объекттеринин курулушу - калктын каражаттарынын, республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен (98,3 пайызы) каржыланды.

**29-таблица: Январь-марттагы экономикалык экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча негизги капиталга инвестиция**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **14663,7** | **16312,0** | **100** | **100** |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 15,7 | 96,6 | 0,1 | 0,6 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 4665,9 | 4170,5 | 31,8 | 25,6 |
| Иштетүү өндүрүшү (Иштетүү өнөр жайы) | 3103,6 | 2513,5 | 21,2 | 15,4 |
| Электр энергия, газ, суу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуу (жабдуу) | 345,4 | 523,5 | 2,4 | 3,2 |
| Суу менен жабдуу, калдыктарды тазалоо жана кайра пайдаланылуучу чийки затты алуу | 4,4 | 63,2 | 0,0 | 0,4 |
| Курулуш | 1,7 | - | 0,0 | - |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 231,1 | 641,6 | 1,6 | 3,9 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 213,3 | 365,2 | 1,4 | 2,2 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын ишмердиги | 191,0 | 253,8 | 1,3 | 1,6 |
| Маалымат жана байланыш | 244,8 | 293,6 | 1,7 | 1,8 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 5,1 | 4,7 | 0,0 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 82,5 | 81,5 | 0,6 | 0,5 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 0,2 | 1,2 | 0,0 | 0,0 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдетүү социалдык камсыздандыруу | - | 3,5 | - | 0,0 |
| Билим берүү | 190,1 | 859,8 | 1,3 | 5,3 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 4,6 | 18,0 | 0,0 | 0,1 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 67,5 | 87,2 | 0,5 | 0,5 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 45,1 | 199,5 | 0,3 | 1,2 |

Үстүбүздөгү жылдын үч айынын ичинде негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн көлөмү Баткен, Жалал-Абад, Ош жана Чүй облустарынан башка бардык облустарда өстү.

**30-таблица: Январь-марттагы аймактар боюнча негизги капиталга инвестиция**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кыргыз Республикасы** | **14663,7** | **16312,0** | **100** | **100** |
| Баткен облусу | 228,0 | 238,7 | 1,5 | 1,5 |
| Жалал-Абад облусу | 741,4 | 754,8 | 5,0 | 4,6 |
| Ысык-Көл облусу | 3792,8 | 4209,2 | 25,9 | 25,8 |
| Нарын облусу | 290,3 | 675,4 | 2,0 | 4,1 |
| Ош облусу | 376,3 | 393,1 | 2,6 | 2,4 |
| Талас облусу | 216,3 | 236,4 | 1,5 | 1,5 |
| Чүй облусу | 4237,1 | 3356,9 | 28,9 | 20,6 |
| Бишкек ш. | 4556,1 | 6199,7 | 31,1 | 38,0 |
| Ош ш. | 225,4 | 247,8 | 1,5 | 1,5 |

2015-жылдын январь-мартында объекттерди капиталдык жана күнүмдүк оңдоо иштери 146,9 млн. сомго жүргүзүлдү, алардын 77,9 пайызы ишканалар менен уюмдардын каражаттарынын, 12,4 пайызы республикалык бюджеттин, 6,1 пайызы - жергиликтүү бюджеттин, 2,3 пайызы калктын каражаттарынын, 1,3 пайызы чет өлкөлүк гранттын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен жүргүзүлдү.

2015-жылдын I кварталында жалпы аянты 174,1 миң чарчы метр болгон 1576 квартира 2014-ж. тийиштүү мезгилинин деңгээлинин 92,7 пайызын түзүү менен ***пайдаланууга берилди.*** Өткөн кварталда турак үйлөрдүн курулушуна (баалоо боюнча) негизги капиталга инвестициянын 6135,1 млн. сому жумшалды, бул 2014-ж. I кварталына караганда 11,2 пайызга көп. Өздөштүрүлгөн инвестициянын жалпы көлөмүндө турак жай курулушуна өздөштүрүлгөн каражаттардын үлүшү 2014-ж. январь-мартына салыштырмалуу 1,8 пайыздык пунктка көбөйдү жана 37,6 пайызды түздү.

Турак үйлөрдү ишке киргизүүнүн негизги үлүшү (70,4 пайызы) Бишкек шаарына, Чүй, Ош жана Жалал-Абад облустарына туура келди.

**31-таблица: 2015-жылдын январь-мартындагы жеке турак үйлөрдүн аймактар боюнча ишке киргизилиши**

| | Ишке киргизилгени - бардыгы, жалпы аянттын миң чарчы м | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **174,1** | **92,7** | **100** |
| Баткен облусу | 8,6 | 94,9 | 4,9 |
| Жалал-Абад облусу | 23,6 | 72,1 | 13,6 |
| Ысык-Көл облусу | 13,9 | 1,6 эсе | 8,0 |
| Нарын облусу | 7,9 | 95,2 | 4,5 |
| Ош облусу | 26,3 | 118,6 | 15,1 |
| Талас облусу | 13,6 | 93,3 | 7,8 |
| Чүй облусу | 28,5 | 117,9 | 16,4 |
| Бишкек ш. | 44,0 | 71,7 | 25,3 |
| Ош ш. | 7,7 | 119,1 | 4,4 |

Айыл жергесинде 94,5 миң чарчы метр турак жай ишке киргизилди же жалпы пайдаланууга берүүнүн 54,3 пайызын түздү.

Турак үйлөрдү куруу жана пайдаланууга берүү, негизинен, калктын каражаттарынын эсебинен ишке ашырылды (жалпы ишке киргизүүнүн 92,8 пайызы).

Быйылкы жылдын өткөн мезгилинде жалпы аянты 161,6 миң чарчы метр болгон 1453 жеке турак үй курулду (2014-ж. I кварталынын денгээлине караганда 93,7 пайызды түздү), анын наркы (баалоо боюнча) 2385,4 млн. сомду түздү. Турак үйлөрдү ишке киргизүү Ысык-Көл, Ош, Чүй облустарында жана Ош шаарында көбөйдү.

Республикадагы жеке турак үйлөрдүн жалпы аянтынын бир чарчы метрин куруунун орточо анык наркы (баалоо боюнча) ү.ж. I кварталында 13 миң сомду, анын ичинен шаарларда - 15,2, айыл жергесинде - 11,4 миң сомду түздү. Эң кымбат турак жай Бишкек ш. 20 миң сомго, эң арзаны Баткен облусунда - 8,3 миң сомго жана Ош ш. - 7,8 миң сомго курулууда.

Жалпы билим берүүчү мектептердин курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү өстү. 2015-жылдын январь-мартында ал 141,7 млн сомду түздү, бул өткөн жылга салыштырмалуу 13,2 эсеге көп. Баткен облусундагы жана Бишкек шаарындагы 318 окуучу орундуу эки мектеп ишке киргизилди.

Амбулаториялык-бейтапканалык мекемелердин курулушуна өткөн кварталда негизги капиталга инвестициянын 6,9 млн. сому пайдаланылды, бул өткөн жылдын январь-мартына караганда 17 эсеге көп. Баткен, Чүй облустарындагы жана Бишкек шаарындагы 263 кезметине келүүчү амбулаториялык-бейтапканалык мекеме ишке киргизилди.

Ооруканалардын курулушуна негизги капиталга инвестициянын 6,9 млн. сому өздөштүрүлдү, бул 2014-ж. I кварталына караганда 1,6 эсеге көп. Жалал-Абад облусундагы 10 койкалуу жеке дарылоо-ден соолукту чыңдоочу комплекс пайдаланууга берилди.

Мектепке чейинки мекемелердин курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 24,1 млн. сомду түзүү менен (13,2 эсеге) көбөйдү.

2015-жылдын I кварталында 2 административдик имарат, 0,40 километр узундуктагы суу түтүктөрү, бир спорттук-ден соолукту чыңдоочу мекеме (стадиондор, аянттар, корттор) пайдаланууга берилди.

**Кызмат көрсөтүү рыногу**

Чарба жүргүзүүчү субъекттер (юридикалык жана жеке жактар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 2015-ж. январь-мартында алдын ала баалоо боюнча 95,1 млрд. сомду түзүп, 2014-ж. январь-мартына салыштырганда 5,4 пайызга өстү.

**32-таблица: 2015-жылдын январь-мартындагы рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Жыйынтыкка карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | анын ичинде калкка | пайыз менен | | | |
| | | | бардыгы | анын ичинде калкка | бардыгы | анын ичинде калкка |
| **Бардыгы** | **95134,5** | **68168,4** | **105,4** | **105,6** | **100** | **100** |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 68443,3 | 48727,8 | 105,9 | 106,1 | 71,9 | 71,5 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 6561,5 | 5150,6 | 104,8 | 106,7 | 6,9 | 7,5 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 3065,0 | 3065,0 | 105,1 | 105,1 | 3,2 | 4,5 |
| Маалымат жана байланыш | 7289,5 | 3889,6 | 105,5 | 104,6 | 7,7 | 5,7 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 3705,8 | 2651,5 | 103,2 | 100,8 | 3,9 | 3,9 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 1541,0 | 1069,8 | 101,0 | 101,2 | 1,6 | 1,6 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 984,1 | 480,5 | 95,1 | 99,7 | 1,0 | 0,7 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 632,1 | 247,8 | 102,8 | 99,4 | 0,7 | 0,4 |
| Билим берүү | 1239,9 | 1239,9 | 103,9 | 103,9 | 1,3 | 1,8 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 401,5 | 401,5 | 103,3 | 103,3 | 0,4 | 0,6 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 247,7 | 241,9 | 107,9 | 100,5 | 0,3 | 0,4 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 1023,1 | 1002,5 | 105,9 | 105,1 | 1,1 | 1,4 |

Рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү республиканын бардык региондорунда өстү.

**33-таблица: 2015-жылдын январь-мартындагы рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн аймактар боюнча көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Жыйынтыкка карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | анын ичинде калкка | пайыз менен | | | |
| | | | бардыгы | анын ичинде калкка | бардыгы | анын ичинде калкка |
| **Кыргыз Республикасы** | **95134,5** | **68168,4** | **105,4** | **105,6** | **100** | **100** |
| Баткен облусу | 2480,3 | 2408,5 | 101,3 | 102,9 | 2,6 | 3,5 |
| Жалал-Абад облусу | 6320,5 | 5629,2 | 107,5 | 106,9 | 6,6 | 8,3 |
| Ысык-Көл облусу | 2666,2 | 2545,0 | 103,0 | 105,6 | 2,8 | 3,7 |
| Нарын облусу | 1116,1 | 1060,7 | 102,2 | 101,6 | 1,2 | 1,6 |
| Ош облусу | 7841,7 | 6928,4 | 112,9 | 107,6 | 8,2 | 10,2 |
| Талас облусу | 1582,2 | 1317,1 | 104,7 | 105,1 | 1,7 | 1,9 |
| Чүй облусу | 13181,2 | 11514,2 | 104,2 | 106,4 | 13,9 | 16,9 |
| Бишкек ш. | 50756,4 | 29822,6 | 105,2 | 105,4 | 53,3 | 43,8 |
| Ош ш. | 9189,9 | 6942,7 | 103,6 | 103,7 | 9,7 | 10,1 |

**Керектөө рыногу.** Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында *дүң жана чекене соода жүгүртүүсүнүн, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун* жалпы көлөмү 68,4 млрд. сом өлчөмүндө түзүлүп, 2014-ж. январь-мартына салыштырмалуу 5,9 пайызга өстү.

2015-жылдын мартында жүгүртүүнүн көлөмү 2014-ж. мартына салыштырмалуу 6,0 пайызга, ал эми мурунку айга салыштырмалуу 9,7 пайызга өстү, бул мотор майын чекене жана дүң сатуунун жүгүртүүсүнүн көлөмүнүн өсүүсү менен шартталды.

**34-таблица**: **Январь-марттагы дүң жана чекене сооданын, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | **2014** | **2015** | **2014** | **2015** |
| **Бардыгы** | **59162,7** | **68443,3** | **104,0** | **105,9** |
| Автомобиль жана мотоцикл, автомобилдердин тетиктеринин, түйүндөрүнүн жана шаймандарынын соодасы | 1536,3 | 1773,0 | 100,9 | 105,2 |
| Автомобилди техникалык жактан тейлөө жана оңдоо | 313,2 | 393,3 | 99,9 | 107,7 |
| Дүң соода, буга автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуу кирбейт | 17101,1 | 19715,5 | 102,0 | 105,5 |
| Мотор майын чекене сатуу | 6534,9 | 7935,3 | 101,0 | 117,6 |
| Чекене соода, буга автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуу кирбейт | 33677,2 | 38626,2 | 105,9 | 103,9 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында 2014-ж. январь-мартына салыштырганда дүң жана чекене сооданын жүгүртүүнүн, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жалпы көлөмүнүн өсүүсү республиканын бардык региондорунда камсыздалды.

**35-таблица: Январь-марттагы аймактар боюнча дүң жана чекене сооданын, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | **2014** | **2015** | **2014** | **2015** |
| **Кыргыз Республикасы** | **59162,7** | **68443,3** | **104,0** | **105,9** |
| Баткен облусу | 1814,1 | 1942,8 | 93,7 | 101,4 |
| Жалал-Абад облусу | 4434,8 | 5203,6 | 105,9 | 107,4 |
| Ысык-Көл облусу | 1460,6 | 1687,9 | 107,1 | 103,9 |
| Нарын облусу | 677,5 | 761,6 | 103,1 | 102,4 |
| Ош облусу | 5424,2 | 6901,3 | 91,9 | 114,7 |
| Талас облусу | 981,5 | 1145,2 | 101,8 | 105,9 |
| Чүй облусу | 10210,2 | 11710,6 | 105,9 | 104,4 |
| Бишкек ш. | 27444,3 | 31389,3 | 106,7 | 105,7 |
| Ош ш. | 6715,5 | 7701,0 | 101,7 | 103,0 |

2015-жылдын мартында өткөн жылдын мартына салыштырмалуу мотор майларынын чекене соода жүгүртүүсүнүн көлөмү 21,4 пайызга, ал эми мурунку айга салыштырмалуу - 7,1 пайызга өстү.

**36-таблица: Январь-марттагы мотор майларын чекене сатуунун аймактар боюнча жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кыргыз Республикасы** | **6534,9** | **7935,3** | **101,0** | **117,6** |
| Баткен облусу | 541,9 | 608,1 | 63,8 | 112,0 |
| Жалал-Абад облусу | 473,2 | 548,3 | 114,4 | 114,3 |
| Ысык-Көл облусу | 378,0 | 495,7 | 107,1 | 123,8 |
| Нарын облусу | 120,3 | 129,3 | 85,5 | 103,9 |
| Ош облусу | 747,8 | 999,4 | 97,0 | 128,8 |
| Талас облусу | 187,1 | 211,0 | 105,0 | 110,1 |
| Чүй облусу | 2146,3 | 2655,8 | 108,9 | 118,3 |
| Бишкек ш. | 1536,6 | 1829,7 | 103,3 | 116,6 |
| Ош ш. | 403,7 | 458,0 | 129,9 | 109,4 |

Үстүбүздөгү жылдын мартында автомобилдерди жана мотоциклдерди сатууну кошпогондогу чекене соода жүгүртүүнүн көлөмү 2014-ж. мартына салыштырмалуу 3,4 пайызга, ал эми мурунку айга салыштырмалуу - 9,3 пайызга өстү.

**37-таблица: Автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан башка чекене соода жүгүртүү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| Январь | 10556,8 | 12285,5 | 105,9 | 104,0 |
| Февраль | 10833,8 | 12587,8 | 104,8 | 104,7 |
| Март | 12286,6 | 13752,9 | 106,6 | 103,4 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында 2014-жылдын январь-мартына салыштырмалуу автомобилдерди жана мотоциклдерди сатууну кошпогондогу чекене соода жүгүртүүнүн көлөмүнүн өсүүсү Ысык-Көл жана Баткен облусунан башка республиканын бардык региондорунда байкалды.

**38-таблица: Январь-марттагы автомобилдерди жана мотоциклдерди сатууну кошпогондогу чекене сооданын аймактар боюнча жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кыргыз Республикасы** | **33677,2** | **38626,2** | **105,9** | **103,9** |
| Баткен облусу | 1157,5 | 1248,3 | 105,2 | 99,5 |
| Жалал-Абад облусу | 3389,9 | 3968,1 | 104,6 | 106,1 |
| Ысык-Көл облусу | 905,4 | 1016,0 | 105,4 | 98,9 |
| Нарын облусу | 508,0 | 578,7 | 105,4 | 102,5 |
| Ош облусу | 4241,6 | 5002,7 | 105,7 | 105,0 |
| Талас облусу | 566,7 | 674,2 | 103,2 | 105,9 |
| Чүй облусу | 6087,3 | 6965,4 | 103,5 | 102,5 |
| Бишкек ш. | 12652,8 | 14374,5 | 108,9 | 104,9 |
| Ош ш. | 4168,0 | 4798,3 | 102,5 | 102,4 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында чекене соода жүгүртүүнүн жалпы көлөмүндөгү тамактануу ишканаларын кошкондогу азык-түлүк товарларынын үлүшү 52,7 пайызды, азык-түлүктүк эмес товарлардын үлүшү 47,3 пайызды түздү.

**39-таблица: Январь-марттагы тамактануу ишканаларын кошкондогу чекене сооданын жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **44069,9** | **51032,2** | **103,4** | **104,9** |
| азык-түлүк товарлары | 23004,5 | 26894,0 | 105,2 | 105,3 |
| азык-түлүктүк эмес товарлар | 21065,4 | 24138,2 | 101,5 | 104,4 |

Үстүбүздөгү жылдын мартында мурунку айга салыштырмалуу азык-түлүк товарларын сатуунун көлөмү 8,9 пайызга, азык-түлүктүк эмес товарлар - 8,5 пайызга көбөйдү.

**40-таблица: 2015-жылдын январь-мартындагы азык-түлүк жана азык-түлүктүк эмес товарлардын чекене соодасынын жүгүртүлүшү**

| | Азык-түлүк товарлары | | | Азык-түлүктүк эмес товарлар | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн. сом | пайыз менен | | млн. сом | пайыз менен | |
| | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | мурунку айга карата | | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | мурунку айга карата |
| Январь | 8575,8 | 105,4 | 55,1 | 7697,0 | 105,2 | 54,4 |
| Февраль | 8779,6 | 105,7 | 102,3 | 7880,0 | 105,4 | 102,3 |
| Март | 9538,6 | 104,9 | 108,9 | 8561,2 | 103,3 | 108,5 |

Өткөн жылдын январь-мартына салыштырмалуу тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүн кошкондогу чекене соода жүгүртүүнүн көлөмүнүн өсүүсү адистештирилген соода уюмдарынын көбөйүшү менен шартталды.

**41-таблица: 2015-жылдын январь-мартындагы тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүн кошкондогу сатуунун бардык каналдары боюнча чекене сооданын жүгүртүлүшү**

| | Млн. сом | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Бардыгы** | **51032,2** | **104,9** | **100** |
| соода уюмдары | 25809,5 | 110,8 | 50,6 |
| буюм-терим, аралаш жана азык-түлүк базарлары | 25222,7 | 99,4 | 49,4 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында калктын жан башына чекене соода жүгүртүү жалпы республика боюнча 9016,1 сомду түздү. Муну менен бирге калктын керектөө товарларын сатып алууга кеткен чыгымдары региондор боюнча айырмаланат. Эгерде калктын жан башына чекене соода жүгүртүүнүн көлөмдөрү Ош ш. орточо республикалык көрсөткүчтөн 2,6 эсеге, Бишкек ш. - 2,1 эсеге, Чүй облусунда - 1,3 эсеге ашса, анда Нарын облусунда бул көрсөткүч тескерисинче, орточо республикалык деңгээлден 3,3 эсеге, Ысык-Көл облусунда - 2,5, Талас облусунда - 2,3 эсеге төмөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында 2014-жылдын январь-мартына салыштырмалуу *мейманканалар жана ресторандар* көрсөткөн кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн өсүүсү *5,1 пайызды* түздү. Мындай кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү ү.ж. мартында 2014-жылдын мартына салыштырмалуу 4,7 пайызга, ал эми мурунку айга салыштырмалуу 15,6 пайызга өстү.

**42-таблица: Январь-марттагы мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **2627,7** | **3065,0** | **105,1** | **105,1** |
| Мейманканалардын жана кыска мөөнөткө жашоо үчүн ылайыкталган башка жайлардын кызмат көрсөтүүлөрү | 306,1 | 367,3 | 104,6 | 110,4 |
| Ресторан, барлардын, ашканалардын жана даяр тамак-ашты жеткирүү боюнча башка ишканалардын кызмат көрсөтүүлөрү | 2321,6 | 2697,7 | 105,2 | 104,5 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында мейманканалар жана ресторандар көрсөткөн кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнүн өсүүсү өткөн жылдын январь-мартына салыштырганда Баткен жана Нарын облустарынан башка республиканын бардык региондорунда камсыздалды.

**43-таблица: Январь-марттагы мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн аймактар боюнча көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кыргыз Республикасы** | **2627,7** | **3065,0** | **105,1** | **105,1** |
| Баткен облусу | 129,2 | 138,0 | 98,4 | 97,8 |
| Жалал-Абад облусу | 183,0 | 223,8 | 102,9 | 107,8 |
| Ысык-Көл облусу | 33,7 | 41,9 | 105,0 | 109,1 |
| Нарын облусу | 9,1 | 9,7 | 118,6 | 95,9 |
| Ош облусу | 208,6 | 244,7 | 101,1 | 102,5 |
| Талас облусу | 49,9 | 58,3 | 105,0 | 106,5 |
| Чүй облусу | 210,8 | 239,9 | 101,0 | 102,1 |
| Бишкек ш. | 1415,0 | 1641,4 | 107,3 | 106,2 |
| Ош ш. | 388,4 | 467,3 | 105,0 | 105,5 |

**Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо.** Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында *транспорттун бардык түрү менен* ташылган жүктөрдүн көлөмү өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 126,7 миң тоннага көбөйдү. Муну менен бирге автомобиль менен жүктөрдү ташуунун негизги көлөмү (93 пайызга жакыны) жеке ишкерлерге (жеке жактарга) туура келди, мында 2014-ж. январь-мартына салыштырганда анын көлөмү 2,4 пайызга көбөйдү.

**44-таблица: Январь-марттагы транспорттун бардык түрү менен жүктөрдүн ташылышы**

| | Миң тонна | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **6228,1** | **6354,8** | **102,3** | **102,0** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол[1] | 290,2 | 250,4 | 102,4 | 86,3 |
| Автомобиль | 5855,2 | 6004,5 | 102,6 | 102,5 |
| Түтүк өткөрүү транспорту | 74,3 | 90,5 | 83,1 | 121,8 |
| Суу транспорту[1] | 8,4 | 9,4 | 91,3 | 111,9 |
| Аба транспорту | 0,0 | 0,0 | - | - |

[1] Жүктөрдү жөнөтүү учурунда.

Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуунун көлөмүнүн өсүүсү республиканын бардык региондорунда белгиленди.

**45-таблица: Январь-марттагы аймактар боюнча транспорттун бардык түрү менен жүктөрдүн ташылышы**

| | Миң тонна | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кыргыз Республикасы** | **6228,1** | **6354,8** | **102,3** | **102,0** |
| Баткен облусу | 307,7 | 311,2 | 102,1 | 101,1 |
| Жалал-Абад облусу | 394,7 | 405,5 | 102,9 | 102,7 |
| Ысык-Көл облусу | 378,3 | 409,6 | 104,3 | 108,3 |
| Нарын облусу | 218,8 | 226,1 | 102,9 | 103,3 |
| Ош облусу | 654,3 | 672,1 | 102,4 | 102,7 |
| Талас облусу | 134,3 | 135,9 | 101,4 | 101,2 |
| Чүй облусу | 2412,5 | 2436,4 | 101,9 | 101,0 |
| Бишкек ш. | 1601,5 | 1629,0 | 102,4 | 101,7 |
| Ош ш. | 126,0 | 129,0 | 100,0 | 102,4 |

*Транспорттун бардык түрү менен жүк ташуунун жүгүртүлүшү* үстүбүздөгү жылдын январь-мартында 26,4 млн. тонна-километрге өстү. Үстүбүздөгү жылдын мартында өткөн жылдын мартына салыштырганда жүк ташуунун жүгүртүлүшүнүн көлөмү 4 млн. тонна-километрге же 2,2 пайызга өстү.

**46-таблица: Январь-марттагы транспорттун бардык түрү менен жүк ташуунун жүгүртүлүшүнүн көлөмү**

| | Млн. тонна-километр | | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **524,2** | **550,6** | **99,2** | **105,0** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол | 198,7 | 211,7 | 101,7 | 106,5 |
| Автомобиль | 256,6 | 261,9 | 103,3 | 102,1 |
| Түтүк өткөрүү транспорту | 52,7 | 65,2 | 83,3 | 123,7 |
| Суу транспорту | 1,6 | 1,8 | 94,1 | 112,5 |
| Аба транспорту | 14,6 | 10,0 | 74,9 | 68,5 |

*Жүргүнчүлөрдү ташуу* өткөн жылдын январь-мартына салыштырганда 2 млн. адамдан көбүрөөк өстү. Жүргүнчүлөрдү ташуунун негизги көлөмү (96 пайызга жакыны) *автомобиль транспортуна* (автобустар жана таксилер) туура келет. 2014-жылдын январь-мартына салыштырганда автобустар менен жүргүнчүлөрдү ташуу 0,7 млн. адамга, такси менен ташуу – 0,5 млн. адамга көбөйдү.

**47-таблица: Январь-марттагы транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдүн ташылышы**

| | Миң адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **142468,9** | **144498,3** | **101,4** | **101,4** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол | 66,4 | 56,9 | 74,1 | 85,7 |
| Автобус | 132753,4 | 133467,8 | 101,0 | 100,5 |
| Троллейбус | 4865,5 | 5757,2 | 103,0 | 118,3 |
| Такси | 4511,0 | 4983,4 | 111,7 | 110,5 |
| Аба транспорту | 272,6 | 233,0 | 1,4 эсе | 85,5 |

Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмүнүн өсүүсү бардык жерлерде, бирок эң көбү Ысык-Көл облусунда белгиленди.

**48-таблица: Январь-марттагы транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдүн аймактар боюнча ташылышы**

| | Миң адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кыргыз Республикасы** | **142468,9** | **144498,3** | **101,4** | **101,4** |
| Баткен облусу | 2586,9 | 2624,5 | 100,7 | 101,5 |
| Жалал-Абад облусу | 5815,5 | 6095,9 | 101,0 | 104,8 |
| Ысык-Көл облусу | 6564,3 | 7170,9 | 100,1 | 109,2 |
| Нарын облусу | 1204,0 | 1252,5 | 103,4 | 104,0 |
| Ош облусу | 3942,2 | 3961,2 | 104,1 | 100,5 |
| Талас облусу | 2698,6 | 2721,3 | 101,1 | 100,8 |
| Чүй облусу | 27629,4 | 28256,9 | 101,1 | 102,3 |
| Бишкек ш. | 86051,4 | 86095,2 | 101,5 | 100,1 |
| Ош ш. | 5976,6 | 6319,9 | 101,6 | 105,7 |

Жалпысынан республика боюнча автобустар менен ташылган жүргүнчүлөрдүн санынын жогорулашы белгиленди.

**49-таблица: Январь-марттагы аймактар боюнча жүргүнчүлөрдүн автобус менен ташылышы**

| | Миң адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кыргыз Республикасы** | **132753,4** | **133467,8** | **101,0** | **100,5** |
| Баткен облусу | 2499,9 | 2536,5 | 100,6 | 101,5 |
| Жалал-Абад облусу | 5552,5 | 5820,3 | 100,8 | 104,8 |
| Ысык-Көл облусу | 6232,7 | 6831,0 | 98,8 | 109,6 |
| Нарын облусу | 380,3 | 412,1 | 102,0 | 108,4 |
| Ош облусу | 3602,3 | 3602,4 | 103,3 | 100,0 |
| Талас облусу | 2664,9 | 2686,2 | 101,1 | 100,8 |
| Чүй облусу | 26930,7 | 27267,9 | 100,9 | 101,3 |
| Бишкек ш. | 79475,3 | 78608,1 | 101,1 | 98,9 |
| Ош ш. | 5414,8 | 5703,3 | 101,0 | 105,3 |

*Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүүсүнүн* көлөмү ү.ж. январь-мартында 95,1 млн. жүргүнчү-километрге өстү. Үстүбүздөгү жылдын мартында өткөн жылдын мартына салыштырмалуу жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүүсүнүн көлөмү 55,8 млн. жүргүнчү-километрге же 7,3 пайызга көбөйдү.

**50-таблица: Январь-марттагы транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүү көлөмү**

| | Млн. жүргүнчү-километр | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **2170,0** | **2265,1** | **106,0** | **104,4** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | | | |
| Темир жол | 8,8 | 8,4 | 72,1 | 95,5 |
| Автобус | 1601,9 | 1773,2 | 103,9 | 110,7 |
| Троллейбус | 20,0 | 23,6 | 103,1 | 118,0 |
| Такси | 96,3 | 101,3 | 108,6 | 105,2 |
| Аба транспорту | 443,0 | 358,6 | 115,2 | 80,9 |

**Кампалоо жана жүктөрдү сактоо.** *Кампалоо жана жүктөрдү сактоо* кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү ү.ж. январь-мартында 12,2 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын январь-мартына салыштырмалуу 4,7 пайызга жогорулады.

**Почта жана чабарман ишмердиги.** *Почта жана чабарман ишмердигинин* кызмат көрсөтүүлөрүнөн түшкөн кирешелер ү.ж. январь-мартында 164,9 млн. сомду түздү, бул өткөн жылдын тийиштүү мезгилинин дэңгээлинен 6,5 млн. сомго же 4,1 пайызга жогору болду.

**Байланыш.** *Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнөн* түшкөн кирешелер ү.ж. январь-мартында өткөн жылдын январь-мартына салыштырмалуу 4,6 пайызга көбөйүү менен 6036,0 млн. сомду түздү. Көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн ичинен 5051,6 млн. сомун же 84 пайызга жакынын кыймылдуу уюлдук байланыш кызмат көрсөтүүлөрү, 552,5 млн. сомун (9 пайыздан жогоркусун) - Интернет желесине кирүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр түздү.

**Эмгек акы жана эмгек рыногу.** 2015-жылдын январь-февралында бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы (чакан ишканаларды эсептебегенде) 11696 сомду түзүп, 2014-ж. январь-февралына салыштырмалуу 8,8 пайызга өстү, ал эми анын керектөө бааларынын индекси эсепке алынып чыгарылган реалдуу өлчөмү 2,2 пайызга азайды.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аныктаган валюталардын расмий курсуна жараша 2015-ж. январь-февралында бир кызматкердин орточо айлык эмгек акысы 194,5 АКШ долларын түздү.

**51-таблица: 2015-жылдын январь-февралындагы аймактар боюнча орточо айлык номиналдык жана реалдуу эмгек акы[1]**

| | Сом | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата реалдуу эмгек акы пайыз менен |
|---|---|---|---|---|
| | | 2014 | 2015 | |
| **Кыргыз Республикасы** | **11696** | **104,2** | **108,8** | **97,8** |
| Баткен облусу | 8433 | 102,4 | 101,8 | 91,1 |
| Жалал-Абад облусу | 10362 | 103,8 | 106,7 | 95,4 |
| Ысык-Көл облусу | 8818 | 106,3 | 107,2 | 93,3 |
| Нарын облусу | 11615 | 105,9 | 111,5 | 98,2 |
| Ош облусу | 7510 | 103,0 | 101,9 | 89,2 |
| Талас облусу | 8960 | 104,4 | 107,5 | 93,8 |
| Чүй облусу | 10570 | 109,0 | 109,0 | 96,1 |
| Бишкек ш. | 15408 | 101,5 | 111,1 | 101,6 |
| Ош ш. | 10735 | 108,2 | 110,5 | 96,7 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Үстүбүздөгү жылдын февралында өткөн жылдын февралына карата номиналдык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы белгиленди.

**52-таблица: Февралдагы орточо айлык номиналдык жана реалдуу эмгек акы[1]**

| | Сом | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата | Мурунку айга карата | Мурунку жылдын тийиштүү айына карата реалдуу эмгек акы пайыз менен |
|---|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | | |
| **2014** | | | | |
| Январь | 10765 | 105,0 | 71,0 | 101,4 |
| Февраль | 10735 | 103,4 | 99,7 | 99,4 |
| **2015** | | | | |
| Январь | 11689 | 108,6 | 70,3 | 97,3 |
| Февраль | 11703 | 109,0 | 100,1 | 98,2 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

2015-жылдын январь-февралында бюджеттик чөйрөнүн эмгек акысынын бюджеттик эмес чөйрөнүн эмгек акысына карата катышы 57,6 пайызды түзгөн.

**53-таблица: 2015-жылдын январь-февралындагы аймактар боюнча орточо айлык номиналдык эмгек акы[1]**

| | Сом | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бюджеттик чөйрө | | бюджеттик эмес чөйрө | | | |
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 | бюджеттик чөйрө | бюджеттик эмес чөйрө |
| **Кыргыз Республикасы** | **8673** | **9235** | **14420** | **16039** | **106,5** | **111,2** |
| Баткен облусу | 7501 | 7531 | 11310 | 11579 | 100,4 | 102,4 |
| Жалал-Абад облусу | 7265 | 7532 | 15754 | 17176 | 103,7 | 109,0 |
| Ысык-Көл облусу | 7773 | 8022 | 9503 | 11139 | 103,2 | 117,2 |
| Нарын облусу | 9854 | 10494 | 13546 | 17745 | 106,5 | 131,0 |
| Ош облусу | 6840 | 6980 | 10971 | 11403 | 102,1 | 103,9 |
| Талас облусу | 7258 | 7740 | 13691 | 15480 | 106,6 | 113,1 |
| Чүй облусу | 8023 | 8441 | 11768 | 13260 | 105,2 | 112,7 |
| Бишкек ш. | 11383 | 12588 | 16124 | 17926 | 110,6 | 111,2 |
| Ош ш. | 8416 | 9352 | 12514 | 13695 | 111,1 | 109,4 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы экономикалык ишмердиктин дээрлик бардык түрлөрүндө, бирок эң көбү курулушта (22,6 пайыз) жана административдик-көмөкчү ишмердикте (22,2 пайыз) байкалды.

**54-таблица: Январь-февралдагы ишканалардын жана уюмдардын кызматкерлеринин экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча орточо айлык номиналдык эмгек акысы[1]**

| | Сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Бардыгы** | **10748** | **11696** | **104,2** | **108,8** |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 6190 | 6367 | 122,7 | 102,9 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 17430 | 18407 | 117,6 | 105,6 |
| Иштетүү өндүрүшү (иштетүү өнөр жайы) | 11574 | 11874 | 110,9 | 102,6 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 17114 | 20086 | 103,2 | 117,4 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 9669 | 10118 | 107,4 | 104,6 |
| Курулуш | 9111 | 11175 | 97,8 | 122,6 |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 13212 | 13815 | 99,1 | 104,6 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 14672 | 15803 | 102,8 | 107,7 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 9600 | 10931 | 104,1 | 113,9 |
| Маалымат жана байланыш | 19968 | 22198 | 104,5 | 111,2 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 25061 | 28240 | 106,9 | 112,7 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 9437 | 11007 | 112,7 | 116,6 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 14170 | 16281 | 94,1 | 114,9 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 9632 | 11773 | 107,6 | 122,2 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоо | 12454 | 14452 | 124,7 | 116,0 |
| Билим берүү | 7434 | 7709 | 98,4 | 103,7 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 9015 | 8949 | 97,3 | 99,3 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 7807 | 8642 | 104,1 | 110,7 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 9220 | 10611 | 110,3 | 115,1 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Мурунку жылдын тийиштүү күнүнө салыштырмалуу 2015-ж. 1-мартына карата бүткүл республика боюнча эмгек акы төлөөдөгү жалпы карыз 13,5 пайызга өстү.

Эмгек акыны төлөө боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздардын жалпы суммасынын ичинен маанилүү үлүшүн Чүй облусундагы (27,0 пайыз), Жалал-Абад облусундагы (22,2 пайыз), Баткен облусундагы (17,0 пайыз) жана Ысык-Көл облусундагы (13,2 пайыз) ишканалар менен уюмдардын кызматкерлерине болгон карыздар түздү.

**55-таблица: 2015-жылдын 1-мартына карата аймактар боюнча эмгек акыны төлөө боюнча жалпы карыз[1]**

| | Млн. сом | Мурунку жылдын тийиштүү күнүнө карата пайыз менен | Мурунку айдын тийиштүү күнүнө карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **301,0** | **113,5** | **99,3** |
| Баткен облусу | 51,3 | 139,0 | 108,1 |
| Жалал-Абад облусу | 67,0 | 126,8 | 101,4 |
| Ысык-Көл облусу | 39,7 | 113,4 | 96,9 |
| Нарын облусу | 10,6 | 60,9 | 65,0 |
| Ош облусу (Ош ш. кошкондо) | 15,3 | 103,5 | 116,8 |
| Талас облусу | 3,5 | 335,6 | 44,2 |
| Чүй облусу | 81,3 | 101,5 | 98,7 |
| Бишкек ш. | 32,4 | 119,2 | 111,8 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин маалыматтары боюнча 2015-ж. 1-апрелине карата жумуш издеп, мамлекеттик иш менен камсыз кылуу органдарында каттоодо турган жумушсуз калктын саны 93,4 миң адамды түздү, бул 2014-ж. тийиштүү күнүнө салыштырганда 1,4 пайызга аз, ал эми катталган жумушсуздардын саны тиешелүүлүгүнө жараша 59,3 миң адамды түздү жана 0,4 пайызга көп.

**56-таблица: 2015-жылдын 1-апрелине карата мамлекеттик иш менен камсыз кылуу органдарында катталган жумушсуздардын саны**

| | Бардыгы, адам | Мурунку жылдын тийиштүү күнүнө карата пайыз менен | Мурунку айдын тийиштүү күнүнө карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **59281** | **100,4** | **100,2** |
| Баткен облусу | 6305 | 114,7 | 98,3 |
| Жалал-Абад облусу | 13406 | 108,1 | 101,7 |
| Ысык-Көл облусу | 4580 | 105,1 | 102,4 |
| Нарын облусу | 6145 | 94,7 | 100,2 |
| Ош облусу | 11507 | 100,1 | 100,1 |
| Талас облусу | 2116 | 91,4 | 99,5 |
| Чүй облусу | 5732 | 98,7 | 100,6 |
| Бишкек ш. | 7319 | 87,7 | 98,6 |
| Ош ш. | 2171 | 93,2 | 99,0 |

Катталган жумушсуздардын жалпы санынын 52,5 пайызын аялдар түздү. Катталган жумушсуздуктун деңгээли экономикалык активдүү калкка карата 2,4 пайызды түздү.

**Жашоо минимуму**. 2015-жылдын I кварталында жашоо минимумунун өлчөмү 5378,41 сомду түзүп, мурунку жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 14,6 пайызга өстү. 2014-жылдын IV кварталына салыштырганда анын өсүүсү 2,2 пайызды түздү.

**57-таблица: I кварталдагы жашоо минимуму**

*(калктын адам башына алганда орточо эсеп менен, айына сом менен)*

| | 2014 | 2015 | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **4694,60** | **5378,41** | **114,6** |
| Эмгекке жөндөмдүү жаш курактагы калк | 5231,07 | 6004,86 | 114,8 |
| анын ичинен: | | | |
| эркектер | 5365,10 | 6149,40 | 114,6 |
| аялдар | 5188,11 | 5963,24 | 114,9 |
| Пенсионерлер | 4161,20 | 4797,96 | 115,3 |
| Балдар | 4020,65 | 4582,02 | 114,0 |
| анын ичинен, жаш курагы: | | | |
| 0 дөн 7ге чейинки | 3580,60 | 4066,71 | 113,6 |
| 7 ден 14кө чейинки | 4170,39 | 4770,48 | 114,4 |
| 14 төн 17ге чейинки | 4535,22 | 5169,74 | 114,0 |

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 6-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген жашоо минимумунун түзүлүшүнө ылайык азык-түлүк товарларынын үлүшү 65 пайызды, азык-түлүктүк эмес товарлар - 16 пайызды, кызмат көрсөтүүлөр - 17 пайызды жана салыктар 2 пайызды түздү. Азык-түлүк баштыкчасынын энергетикалык баалуулугу 2101 ккал деңгээлди түздү, ал эми анын химиялык курамы 73 грамм белокторду жана 71 грамм майларды камтыды.

**58-таблица: 2015-жылдын I кварталындагы жашоо минимумунун түзүмү**

*(калктын адам башына алганда орточо эсеп менен, айына сом менен )*

| | Бардыгы | анын ичинде | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | азык-түлүк товарлар | азык-түлүктүк эмес товарлар | кызмат көрсөтүүлөр | салыктар |
| **Бардыгы** | **5378,41** | **3495,96** | **860,55** | **914,33** | **107,57** |
| Эмгекке жөндөмдүү курактагы калк | 6004,86 | 3662,97 | 1020,82 | 1140,92 | 180,15 |
| анын ичинен: | | | | | |
| эркектер | 6149,40 | 3751,13 | 1045,40 | 1168,39 | 184,48 |
| аялдар | 5963,24 | 3637,57 | 1013,75 | 1133,02 | 178,90 |
| Пенсионерлер | 4797,96 | 3358,56 | 479,80 | 959,60 | - |
| Балдар | 4582,02 | 3253,23 | 733,12 | 595,67 | - |
| анын ичинен, жаш курагы: | | | | | |
| 0 дөн 7ге чейинки | 4066,71 | 2887,37 | 610,00 | 569,34 | - |
| 7 ден 14кө чейинки | 4770,48 | 3434,74 | 763,28 | 572,46 | - |
| 14 төн 17ге чейинки | 5169,74 | 3670,51 | 930,56 | 568,67 | - |

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляциянын деңгээлин мүнөздөөчү *керектөө бааларынын индекси* ү.ж. мартында мурунку айга салыштырмалуу 99,8 пайызды, мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу 101,5 пайызды түздү.

Ушул жылдын мартында мурунку айга салыштырмалуу *тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын* баалары 0,3 пайызга төмөндөдү. Баалардын төмөндөшү сүт жана сүт азыктарына (2,4 пайызга), тооктун жумурткасына (1,8 пайызга), кумшекерге (1,4 пайызга), жаңы союлган этке (1,3 пайызга), май жана тоң майларга (0,9 пайызга), акшакка (0,6 пайызга) жана балыкка (0,6 пайызга) байкалды.

Ушул жылдын мартында ундун жана нандын (0,2 пайызга) бааларынын төмөндөшү катталды. Муну менен аларга болгон баалардын төмөндөшү ундун баасынын көтөрүлүшү (0,2 пайызга жана 0,3 пайызга тиешелүүлүгүнө жараша) белгиленген Ош жана Талас облустарын кошпогондо бардык облустарда байкалды.

Ошону менен бирге алкоголсуз суусундуктардын (2,2 пайызга), күрүчтүн (0,8 пайызга), сырдын (0,3 пайызга) жана макарон азыктарынын (0,2 пайызга) бааларынын жогорулашы белгиленди.

**59-таблица: 2015-жылдагы азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекстери**

*(мурунку айга карата пайыз менен)*

| | Буудай уну | | Нан | Тандыр нан | Уйдун эти | Койдун эти | Куюп сатылуучу сүт | Жумуртка | Кумшекер | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорку сорт | биринчи сорт | | | | | | | | |
| Январь | 99,7 | 99,9 | 100,2 | 100,0 | 100,6 | 100,6 | 101,6 | 101,7 | 99,4 | 100,0 |
| Февраль | 99,3 | 99,5 | 99,5 | 99,3 | 99,6 | 99,9 | 99,1 | 98,4 | 99,1 | 99,9 |
| Март | 99,9 | 99,7 | 99,8 | 99,8 | 98,6 | 99,4 | 96,0 | 98,2 | 98,6 | 98,9 |
| I квартал[1] | 98,9 | 99,2 | 99,5 | 99,1 | 98,8 | 99,9 | 96,6 | 98,2 | 97,2 | 98,8 |

[1] Кварталдын үч айындагы өсүү жыйынтыгы менен.

Үстүбүздөгү жылдын мартында мурунку айга салыштырмалуу жаңы бышкан жашылчалардын баалары 4,7 пайызга, жаңы бышкан жемиштердин баалары 0,7 пайызга (анын ичинен алмага - 2,3 пайызга) өстү.

**60-таблица: 2015-жылдагы жашылча-жемиш азыктарынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекстери**

*(мурунку айга карата пайыз менен)*

| | Сабиз | Пияз | Капуста | Кызылча | Бадыраң | Помидор | Алма | Картошка |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Январь | 99,2 | 101,1 | 120,4 | 104,3 | 110,7 | 118,9 | 110,4 | 99,8 |
| Февраль | 95,0 | 99,0 | 104,3 | 95,9 | 91,9 | 115,3 | 106,0 | 100,6 |
| Март | 98,4 | 100,4 | 104,0 | 101,1 | 115,3 | 116,8 | 102,3 | 95,6 |
| I квартал[1] | 92,7 | 100,5 | 130,7 | 101,2 | 117,3 | 160,1 | 119,7 | 96,0 |

[1] Кварталдын үч айындагы өсүү жыйынтыгы менен.

Үстүбүздөгү жылдын мартында мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары 0,4 пайызга өстү, анын ичинен эң көп - жаңы бышкан жемиштерге (10,4 пайызга), алкоголсуз суусундуктарга (5,6 пайызга), жаңы бышкан жемиштерге (5,2 пайызга), колбаса жана башка консерваланган эт азыктарына (3,2 пайызга), башка бышырылган азыктарга (2,8 пайызга), күрүчкө (2,6 пайызга) жана балыкка (1,4 пайызга) өстү.

Муну менен катар ү.ж. I кварталында баалардын төмөндөшү сүт жана сүт азыктарына - 2,2 пайызга, кумшекерге - 2,8 пайызга, гречиха акшагына - 6,5 пайызга, тооктун жумурткасына 1,8 пайызга, уйдун этине жана күнкарама майына - 1,2 пайызга, унга - 0,9 пайызга жана нанга - 0,6 пайызга белгиленди.

Алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге болгон баалар ү.ж. башынан бери жалпысынан 2,3 пайызга өстү, муну менен ү.ж. мартында мурунку айга салыштырмалуу аларга болгон баалардын өсүшү 0,5 пайызды түздү.

**61-таблица: Азык-түлүк товарларынын айрым топторунун бааларынын индекстери**

*(пайыз менен)*

| | 2015 март | | | 2015 январь-март |
|---|---|---|---|---|
| | 2015 февралына карата | 2014 декабрына карата | 2014 мартына карата | 2014 январь-мартына карата |
| Нан азыктары жана акшак | 100,0 | 99,9 | 111,5 | 113,2 |
| Эт | 98,8 | 99,3 | 108,1 | 109,8 |
| Балык | 99,4 | 101,4 | 98,1 | 99,0 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 97,9 | 98,1 | 109,7 | 110,9 |
| Май жана тоң май | 99,1 | 99,9 | 101,6 | 102,1 |
| Мөмө-жемиш жана жашылча | 101,1 | 104,8 | 114,5 | 119,9 |
| Кант, джем, бал, шоколад жана момпосуйлар | 99,2 | 98,4 | 98,5 | 105,0 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 102,2 | 105,6 | 117,4 | 120,8 |
| Алкоголдук ичимдиктер | 100,5 | 101,9 | 106,3 | 109,9 |
| Тамекилер | 100,7 | 103,5 | 121,8 | 121,1 |

Үстүбүздөгү жылдын мартында мурунку айга салыштырмалуу дизель майынын орточо керектөө баалардын жогорулашы белгиленди.

**62-таблица: 2015-жылдагы айрым өкүл-товарлардын орточо баалары**

*(бир килограмм, литр үчүн сом менен)*

| | Буудай уну | | Нан | Тандыр нан | Койдун эти | Уйдун эти | Картошка | А-92-бензини | Дизель майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорку сорт | биринчи сорт | | | | | | | |
| Январь | 42,85 | 34,86 | 46,22 | 61,94 | 328,92 | 354,39 | 29,40 | 44,49 | 37,61 |
| Февраль | 42,53 | 34,69 | 45,95 | 61,45 | 328,64 | 353,01 | 29,54 | 39,60 | 34,21 |
| Март | 42,47 | 34,86 | 45,85 | 61,31 | 326,48 | 348,00 | 28,21 | 37,61 | 36,24 |

Ушул жылдын мартында мурунку айга салыштырмалуу *азык-түлүктүк эмес товарлардын* баалары 0,3 пайызга түштү. Муну менен баалар жана тарифтер 700 кВт. сааттан жогорку электр энергияга (11,2 пайызга), отунга (6,9 пайызга), бензинге (2,8 пайызга), жазуучу жабдуулар жана материалдарга (2,6 пайызга), суюлтулган газга (бир пайызга), турак жайларды күнүмдүк күтүү жана ондоо үчүн материалдарга (0,3 пайызга), жана фармацевтика продукциясына (0,7 пайызга) төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын мартында өткөн айга салыштырмалуу жаратылыш газына - 1,5 пайызга, кол аспаптар жана бакчачылык шаймандарга - 7,6 пайызга, оюнчуктарга - 5,2 пайызга, айнек буюмдары, ашканалык приборлор жана үйдүн ичиндеги нерселерге - 1,1 пайызга, турмуш-тиричилик текстиль буюмдарына - бир пайызга жогорулашы катталды.

Азык-түлүктүк эмес товарлардын бааларынын өсүшү ушул жылдын I кварталында жалпысынан 3,6 пайызды түздү. Муну менен баалардын төмөндөшү күйүүчү-майлоочу материалдарга - 19,8 пайызга, көмүргө - 1,7 пайызга, гезиттер жана мезгилдүү басылмаларга - 0,9 пайызга белгиленди.

**63-таблица: Азык-түлүктүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекстери**

*(пайыз менен)*

| | 2015 март | | | 2015 январь-март |
|---|---|---|---|---|
| | 2015 февралына карата | 2014 декабрына карата | 2014 мартына карата | 2014 январь-мартына карата |
| Кийим | 100,3 | 101,5 | 107,2 | 107,8 |
| анын ичинен: | | | | |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 100,8 | 101,4 | 98,5 | 98,4 |
| Бут кийим | 100,4 | 101,0 | 103,7 | 104,0 |
| Турак жайларды күнүмдүк күтүү жана ондоо үчүн материалдар | 99,7 | 100,8 | 109,1 | 108,7 |
| Суу менен жабдуу (муздак суу) | 100,0 | 103,2 | 107,0 | 105,9 |
| Электр энергиясы, негизги тариф | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Электр энергия, 700 кВт. с жогору | 88,8 | 2,6 эсе | 2,6 эсе | 2,8 эсе |
| Газ | 101,3 | 100,5 | 89,6 | 92,1 |
| Жылуулук энергиясы | 100,0 | 100,0 | 123,5 | 123,5 |
| Катуу отун (көмүр жана жыгач отундар) | 100,3 | 98,4 | 103,7 | 103,2 |
| Бензин | 97,2 | 79,5 | 96,0 | 103,5 |
| Дизель майы | 106,0 | 87,9 | 89,4 | 89,8 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техникасы | 100,7 | 102,5 | 105,5 | 106,2 |
| Фармацевтика продукциясы | 99,3 | 102,5 | 104,2 | 104,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,1 | 99,1 | 101,7 | 105,9 |

Быйылкы жылдын мартында мурунку айга салыштырмалуу калкка көрсөтүлгөн *тейлөөлөрдүн* тарифтери жалпысынан мурунку айдын деңгээлинде сакталып калды.

Муну менен бирге тарифтердин олуттуу көтөрүлүшү чачтарач тейлөөсүндө - 5 пайызга, темир жол жүргүнчү транспорту тейлөөсүндө - 1,3 пайызга, маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөрдө - 1,2 пайызга жана кийим тигүүдө - 1,1 пайызга

белгиленди. Тарифтердин төмөндөшү аба жүргүнчү транспортунун тейлөөсүндө - 22,1 пайызга, автомобиль жолдорунун жүргүнчү транспортунун тейлөөсүндө - 0,9 пайызга, мектепке чейинки тарбия берүү жана баштапкы билим берүүдө - 0,4 пайызга белгиленди.

Ушул жылдын январь-мартында тейлөөлөрдүн тарифтеринин өсүүсү жалпысынан 1,1 пайызды түздү. Муну менен тарифтердин төмөндөшү аба жүргүнчү транспортунун тейлөөлөрүндө (20,9 пайызга), сырдоочу иштерге (4,6 пайызга), шаар аралык автобустар (4 пайызга), такси (3,6 пайызга), эл аралык автобустар (2,2 пайызга) белгиленди.

**64-таблица: Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекстери**

*(пайыз менен)*

| | 2015 март | | | 2015 январь-март |
|---|---|---|---|---|
| | 2015 февралына карата | 2014 декабрына карата | 2014 мартына карата | 2014 январь-мартына карата |
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 98,2 | 98,2 | 106,1 | 108,7 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 99,9 | 99,9 |
| Маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 101,2 | 108,1 | 124,4 | 123,8 |
| Билим берүү тейлөөлөрү | 99,9 | 100,1 | 107,7 | 107,9 |
| Амбулатордук тейлөөлөр | 100,0 | 100,4 | 106,0 | 109,5 |
| Мейманкана жана ресторандардын тейлөөлөрү | 100,8 | 104,1 | 106,0 | 101,8 |
| Чачтарач тейлөөсү | 105,0 | 107,1 | 110,8 | 110,9 |
| Турак жайларды күнүмдүк күтүү жана ондоо үчүн тейлөөлөр | 101,0 | 98,7 | 105,8 | 105,9 |

Үстүбүздөгү жылдын мартында мурунку айга салыштырмалуу керектөө бааларынын төмөндөшү республиканын дээрлик бардык аймактарында белгиленди. Алардын бир аз көтөрүлүшү (0,1 пайызга) ү.ж. февралына салыштырмалуу тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары 0,2 пайызга жогорулаганы Чүй облусунда катталды. Азык-түлүктүк эмес товарлардын бааларынын Ысык-Көл облусунда 0,1 пайызга, ошондой эле тейлөөлөрдүн тарифтеринин жогорулашы белгиленди, Ош (1,1 пайызга төмөндөө) жана Талас облусун (0,9 пайызга төмөндөө) кошпогондо.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери товарлардын жана тейлөөлөрдүн керектөө баалары Нарын облусунда эң чон өлчөмдө - 2,7 пайызга өстү, бул негизинен башка региондорго салыштырмалуу тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга (3,2 пайызга) жана тейлөөлөргө (2 пайызга) болгон баалардын максималдуу өсүүсү менен шартталган. Азык-түлүктүк эмес товарларга баалардын эң көп өсүшү (4,7 пайыз) Чүй облусунда белгиленген.

**65-таблица: 2015-жылдын мартындагы товарлардын жана тейлөөлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин аймактар боюнча индекстери**

*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*

| | Бардык товарлар жана тейлөөлөр | Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки | Азык-түлүктүк эмес товарлар | Тейлөөлөр |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **101,5** | **100,4** | **102,3** | **103,6** | **101,1** |
| Баткен облусу | 100,2 | 100,0 | 100,8 | 99,7 | 101,4 |
| Жалал-Абад облусу | 100,5 | 99,8 | 103,2 | 100,7 | 101,3 |
| Ысык-Көл облусу | 100,6 | 99,9 | 101,2 | 101,8 | 100,4 |
| Нарын облусу | 102,7 | 103,2 | 101,2 | 102,8 | 102,0 |
| Ош облусу (Ош ш. кошкондо) | 100,6 | 99,4 | 99,4 | 103,9 | 98,8 |
| Талас облусу | 101,4 | 101,0 | 100,7 | 103,0 | 99,6 |
| Чүй облусу | 101,6 | 100,0 | 101,8 | 104,7 | 101,0 |
| Бишкек ш. | 102,1 | 100,8 | 103,2 | 104,2 | 101,7 |

**9-график: 2015-жылдын керектөө бааларынын индекстери**

*(өткөн жылдын декабрына карата пайыз менен)*




**10-график: 2015-жылдын өнөр жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери**

*(өткөн жылдын декабрына карата пайыз менен)*



**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** 2015-жылдын январь-мартында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда өндүрүүчүлөрдүн сатып өткөрүлгөн *айыл чарба продукциясына* болгон баалары 1,5 пайызга өстү.

**66-таблица: Айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси**
*(пайыз менен)*

| | Бардыгы | | анын ичинде | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | өсүмдүк өстүрүүчүлүк продукциясына | | мал чарба продукциясына | |
| | мурунку мезгилге карата | өткөн жылдын декабрына карата | мурунку мезгилге карата | өткөн жылдын декабрына карата | мурунку мезгилге карата | өткөн жылдын декабрына карата |
| Январь | 102,6 | 102,6 | 103,9 | 103,9 | 101,5 | 101,5 |
| Февраль | 100,0 | 102,6 | 102,8 | 106,9 | 97,4 | 98,8 |
| Март | 97,2 | 99,8 | 98,5 | 105,3 | 95,9 | 94,7 |

2014-жылдын январь-мартына салыштырганда картошканын баасы 1,3 эсеге, жашылчалар - 1,6 эсеге, буудай - 1,3 эсеге, сүт азыктары - 1,1 эсеге, эт (тирүүлөй салмактагысы) - 6,3 пайызга, жумуртка - 1,2 пайызга жогорулады.

**67-таблица: 2015-жылдын январь-мартындагы айыл чарба продукциясынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси**
*(пайыз менен)*

| | Дан бардыгы | Буудай | Жашылча | Картошка | Эт (тирүүлөй салмакта) | Чийки сүт | *Жумуртка* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | *Мурунку айга карата* | | | | |
| Январь | 104,6 | 107,1 | 102,9 | 108,4 | 101,8 | 100,6 | 103,9 |
| Февраль | 105,6 | 107,7 | 100,9 | 104,1 | 96,8 | 98,8 | 95,0 |
| Март | 101,7 | 103,0 | 102,5 | 85,6 | 97,7 | 91,9 | 98,4 |
| | | | *Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата* | | | | |
| Январь | 117,7 | 125,4 | 163,4 | 133,9 | 111,4 | 117,7 | 100,6 |
| Февраль | 126,7 | 135,6 | 161,0 | 137,9 | 105,5 | 110,8 | 101,0 |
| Январь-февраль | 122,2 | 130,5 | 162,3 | 135,9 | 108,4 | 114,2 | 100,8 |
| Март | 126,3 | 134,2 | 163,0 | 107,4 | 102,2 | 106,4 | 102,0 |
| Январь-март | 123,6 | 131,8 | 162,5 | 125,8 | 106,3 | 111,6 | 101,2 |

Үстүбүздөгү жылдын мартында *өнөр жай товарларын жана тейлөөлөрүн өндүрүүчүлөрдүн* бааларынын индекси мурунку айга салыштырмалуу 95,4 пайызды түздү. Муну менен бирге пайдалуу кендерди казууда өндүрүүчүлөрдүн баалары жалпысынан 0,5 пайызга, ал эми иштетүү өндүрүшүндөгү өндүрүүчүлөрдүн баалары 5,4 пайызга төмөндөдү.

Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын төмөндөшү негизги металлдарды (9,1 пайызга), машина жана жабдуулардан башка даяр металл буюмдарын (8,8 пайызга), химиялык продуктуларды (8,2 пайызга), айнек жана айнектен жасалган буюмдарды (6,0 пайызга), электр жабдууларын (3,1 пайызга), сүттү кайра иштетүү жана сыр өндүрүү (2,9 пайызга), тазаланган мунайзат (0,8 пайызга), ошондой эле ун жана акшак (0,3 пайызга) өндүрүү ишканаларында белгиленди.

Муну менен катар өндүрүүчүлөрдүн бааларынын кыйла өсүүсү акиташ жана гипс (20,1 пайызга), кагаз жана картон (19,8 пайызга), чай жана кофе (12,7 пайызга), башка пластмасса буюмдарын (10,4 пайызга) жана зергер буюмдарын (8,2 пайызга) өндүрүү боюнча ишканаларда байкалды.

Үстүбүздөгү жылдын мартында мурунку айга салыштырмалуу электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) чөйрөсүндө өндүрүүчүлөрдүн баалары 0,2 пайызга жогорулады.

Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу ишканаларында ү.ж. мартында өндүрүүчүлөрдүн баалары өткөн айдын деңгээлинде сакталып калды.

**68-таблица: 2015-жылдагы өнөр жай товарларын жана тейлөөлөрүн өндүрүүчүлөрдүн баалар ынын индекстери**

*(пайыз менен)*

| | Пайдалуу кендерди казуу | Иштетүү өндүрүшү | Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу |
|---|---|---|---|---|
| | | *Мурунку айга карата* | | |
| Январь | 104,8 | 102,1 | 100,5 | 100,0 |
| Февраль | 125,3 | 104,2 | 100,9 | 100,0 |
| Март | 99,5 | 94,6 | 100,2 | 100,0 |
| | | *Мурунку жылдын декабрына карата* | | |
| Январь | 104,8 | 102,1 | 100,5 | 100,0 |
| Февраль | 131,3 | 106,3 | 101,4 | 100,0 |
| Март | 130,7 | 100,6 | 101,5 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери өнөр жай товарларын жана тейлөөлөрүн өндүрүүчүлөрдүн баалары жалпысынан 1,5 пайызга өстү. Муну менен пайдалуу кендерди казууда өндүрүүчүлөрдүн бааларынын кыйла жогорулашы (30,7 пайызга) катталды.

Ушул жылдын январь-мартында мурунку жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу өнөр жай товарларын жана тейлөөлөрүн өндүрүүчүлөрдүн баалары жалпысынан 8,4 пайызга өстү. Муну менен бирге өндүрүүчүлөрдүн бааларынын эң көп өсүүсү пайдалуу кендерди казууда - 13,1 пайызга, иштетүү өндүрүшүндө - 9,4 пайызга байкалды.

**69-таблица: Январь-марттагы өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2014 | 2015 |
|---|---|---|
| **Бардыгы** | **93,1** | **108,4** |
| **Пайдалуу кендерди казуу** | **102,9** | **113,1** |
| Таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) казуу | 120,7 | 117,0 |
| Чийки мунайзатты жана жаратылыш газын казуу | 87,3 | 113,3 |
| Башка пайдалуу кендерди казуу | 119,0 | 102,1 |
| **Иштетүү өндүрүшү** | **91,3** | **109,4** |
| Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү | 102,8 | 110,8 |
| Текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийим, булгаары жана башка булгаарыдан жасалган буюмдарды өндүрүү | 100,1 | 100,7 |
| Жыгач жана кагаз буюмдар өндүрүшү; басмакана ишмердиги | 105,9 | 102,7 |
| Кокс жана тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүү | 96,8 | 100,9 |
| Химиялык продуктуларды өндүрүү | 115,4 | 97,1 |
| Фармацевтикалык продукцияларды өндүрүү | 100,0 | 100,0 |
| Резина жана пластмасса буюмдар, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү | 95,9 | 106,8 |
| Машина жана жабдуулардан башка негизги металлдар жана даяр металл буюмдарды өндүрүү | 83,8 | 110,7 |
| Электр жабдууларын өндүрүү | 115,2 | 109,0 |
| Башка топтошууларга киргизилбеген машина жана жабдууларды өндүрүү | 100,0 | 100,0 |
| Транспорт каражаттарын өндүрүү | 100,0 | 92,3 |
| Башка өндүрүштөр, машина жана жабдууларды орнотуу жана оңдоо, | 99,9 | 103,8 |
| **Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)** | **101,1** | **102,9** |
| **Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу** | **100,0** | **100,0** |

Үстүбүздөгү жылдын мартында өндүрүүчүлөрдүн бензинге болгон орточо бааларынын төмөндөшү белгиленди, ошол эле убакта күрөң көмүр (лигнит) жана дизель майынын баасы тескерисинче, жогорулады.

**70-таблица: 2015-жылдагы өнөр жай продукциясынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн орточо баалары**

*(килограмм, тонна, литр, кВт саат үчүн сом менен)*

| | Буудай уну | | Нан | Уйдун эти | Көмүр | Бензин | Дизель майы | Электр энергиясы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорку сорт | биринчи сорт | | | | | | |
| Январь | 27,43 | 23,40 | 33,23 | 335,00 | 1712,50 | 29,85 | 29,29 | 1,15 |
| Февраль | 27,43 | 23,01 | 33,23 | 335,00 | 1712,50 | 23,62 | 24,55 | 1,15 |
| Март | 27,43 | 23,01 | 33,23 | 335,00 | 1725,16 | 21,81 | 24,73 | 1,15 |

Ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш тейлөөлөрүнүн тарифтери ү.ж. мартында мурунку айга салыштырмалуу 0,4 пайызга жогорулады.

Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда почта жана электр байланыш тейлөө тарифтеринин жалпысынан 6,7 пайызга жогорулаганы белгиленди. Муну менен бирге электр байланышынын тарифтери 7,3 пайызга өстү, ал эми почта байланышы мурунку деңгээлде калды.

**71-таблица: Январь-марттагы ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш тейлөөлөрүнүн тарифтеринин индекстери**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2014 | 2015 |
|---|---|---|
| **Бардыгы** | **101,0** | **106,7** |
| Почта жана чабарман тейлөөсү | 93,6 | 100,0 |
| Электр байланыш тейлөөлөрү | 101,6 | 107,3 |

Транспорттун негизги түрлөрү менен *жүк ташуу* тейлөөлөрүнө болгон тарифтер ү.ж. I кварталында 2014-ж. IV кварталына салыштырмалуу бир пайызга жогорулады. Муну менен бирге темир жол (1,1 пайызга) жана аба (0,9 пайызга) транспортунун тейлөөлөрүндө тарифтердин жогорулашы байкалды, автомобиль жана суу транспортунун тейлөөсү мурунку деңгээлде калды.

Үстүбүздөгү жылдын I кварталында 2014-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу транспорттун бардык түрлөрү менен жүк ташуу тейлөөлөрүнө болгон тарифтер 13,8 пайызга өстү, бул темир жол (13,2 пайызга) жана автомобиль (18,0 пайызга) транспортунун тейлөөлөрүнүн тарифтеринин кыйла өсүшү менен шартталды.

**72-таблица: Январь-марттагы жүк ташуу тейлөөлөрүнүн тарифтеринин индекстери**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2014 | 2015 |
|---|---|---|
| **Бардыгы** | **121,7** | **113,8** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | |
| Темир жол траспорту | 126,9 | 113,2 |
| Автомобиль транспорту | 100,3 | 118,0 |
| Суу транспорту | 108,9 | 100,0 |

2015-жылдын I кварталында 2014-ж. тийиштүү мезгилине карата курулуш продукцияларынын бааларынын жыйынтыктоо индекси 104,1 пайызды, анын ичинде подряддык иштер - 104,7 пайызды түздү.

## Мамлекеттик сектор

### Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын маалыматтары боюнча ү.ж. январь-февралында *мамлекеттик бюджеттин кирешелери* (финансылык эмес активдерди сатуудан алынган каражаттарды кошкондо) 14492,7 млн. сомду же ИДПга карата 28,5 пайызды түздү[1] жана өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 7,3 пайызга көбөйдү. Ушул эле мезгилде *мамлекеттик бюджеттин чыгымдары* (финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен каражаттарды кошкондо) 7,1 пайызга көбөйүп, 13251,2 млн. сомду же ИДПга карата 26,1 пайызды түздү. Ошол эле убакта ү.ж. январь-февралында *мамлекеттик бюджеттин кирешелери* чыгымдардан ашты. Натыйжада *акча каражаттарынын профицити* 1241,5 млн. сом суммасында же ИДПга карата 2,4 пайызга аныкталды.

Мамлекеттик кирешеге түшүүлөрдүн көлөмүнүн 83 пайыздан ашыгын салыктык төлөөлөр түзүп, 12110 млн. сом алынды же өткөн жылдын январь-февралына караганда 11,6 пайызга көп, ал эми алардын жалпы кирешелердеги үлүшү 3,3 пайыздык пунктка көбөйдү. Салыктык кирешелердеги ички салыктардын түшүүсү 60,3 пайызды же 7297,2 млн. сомду, тышкы экономикалык ишмердикке карата - 39,7 пайызды же 4812,8 млн. сомду түздү. Ички салыктардын негизги үлүшү “Кумтөр” кен казуу ишканаларынан түшкөн дүң киреше салыгынан (23,1 пайызы), Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча нарк салыгынан (18,2 пайызы), Кыргыз Республикасынын резиденттери-жеке адамдары төлөгөн киреше салыгынан (16,7 пайызы) жана сатуудан түшкөн салыктан (15,9 пайызы) түзүлдү. Тышкы экономикалык ишмердиктен түшкөн салыктык кирешелердин 65,3 пайызы Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардын кошумча нарк салыгынын, 18,6 пайызы - эл аралык соода жана операцияларына болгон салыктын, 16,1 пайызы - Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарларга болгон акциздик салыктын эсебинен алынды.

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында салыктык эмес төөлөлөрдөн 2281,4 млн. сом алынды, бул өткөн жылдын тийиштүү мезгилиндеги мындай төлөөлөрдүн көлөмүнөн 7 пайызга төмөн, ал эми кирешелердин жалпы көлөмүндөгү алардын үлүшү 2,5 пайыздык пунктка төмөндөдү жана 15,7 пайызды түздү. Салыктык эмес төлөөлөрдүн олуттуу көлөмү (51,9 пайызы же 1184,3 млн. сому) акылуу көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн түшүүлөрдөн түзүлдү. Негизги сумма (401,5 млн. сом) билим берүү жана маданий кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебинен алынды.

Ушул эле мезгилде алынган трансферттердин суммасы 81,8 млн. сомду же өткөн жылдын январь-февралындагы көлөмдүн 40,8 пайызын түздү, ал эми жалпы кирешелердеги алардын үлүшү 0,9 пайыздык пунктка төмөндөдү.

**73-таблица: Январь-февралдагы мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пайыз менен | | | |
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кирешелер** | **13512,0** | **14492,7** | **100** | **100** | **31,7** | **28,5** |
| **Операциялык ишмердиктен түшкөн кирешелер** | **13505,6** | **14473,3** | **100,0** | **99,9** | **31,7** | **28,5** |
| **Салыктык кирешелер** | **10851,1** | **12110,0** | **80,3** | **83,6** | **25,5** | **23,8** |
| Киреше жана пайда салыгы | 3563,0 | 4197,1 | 26,4 | 29,0 | 8,4 | 8,3 |
| Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыгы | 1069,5 | 1222,2 | 7,9 | 8,4 | 2,5 | 2,4 |

[1] Бул жерде жана мындан ары мамлекеттик бюджет көрсөтүлөт, буга мамлекеттик башкаруунун ар кайсы деңгээлдеринин ортосундагы өз ара эсептешүүлөр кирбейт.

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пайыз менен | | | |
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| Кыргыз Республикасынын резиденттери эмес адамдары төлөгөн киреше салыгы | 253,7 | 140,4 | 1,9 | 1,0 | 0,6 | 0,3 |
| пайда салыгы | 588,3 | 791,0 | 4,4 | 5,5 | 1,4 | 1,6 |
| бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр | 34,6 | 38,5 | 0,3 | 0,3 | 0,1 | 0,1 |
| патенттик негиздеги салык | 301,0 | 322,9 | 2,2 | 2,2 | 0,7 | 0,6 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканалардын дүң кирешесинин салыгы | 1316,0 | 1682,1 | 9,7 | 11,6 | 3,1 | 3,3 |
| Менчиктен түшкөн салык | 299,8 | 334,5 | 2,2 | 2,3 | 0,7 | 0,7 |
| мүлккө салык | 131,1 | 150,5 | 1,0 | 1,0 | 0,3 | 0,3 |
| жер салыгы | 168,6 | 184,1 | 1,2 | 1,3 | 0,4 | 0,4 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн салыгы | 5678,2 | 6686,1 | 42,0 | 46,1 | 13,3 | 13,2 |
| кошумча нарк салыгы | 3836,3 | 4474,7 | 28,4 | 30,9 | 9,0 | 8,8 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарлар менен тейлөөлөрдүн КНС | 1323,2 | 1330,8 | 9,8 | 9,2 | 3,1 | 2,6 |
| Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардын КНС | 2513,1 | 3143,9 | 18,6 | 21,7 | 5,9 | 6,2 |
| сатуудан салык | 1065,0 | 1163,8 | 7,9 | 8,0 | 2,5 | 2,3 |
| автомобиль жолдорун пайдалануудан түшкөн салык | 0,0 | 1,5 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| өзгөчө кырдаалды алдын алуу жана жоюу үчүн чегерүүлөр | 0,0 | 1,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| акциздик салык | 653,9 | 934,4 | 4,8 | 6,4 | 1,5 | 1,8 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарлардын акциздик салыгы | 218,7 | 157,5 | 1,6 | 1,1 | 0,5 | 0,3 |
| Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардын акциздик салыгы | 435,2 | 776,9 | 3,2 | 5,4 | 1,0 | 1,5 |
| жер астындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салык | 123,0 | 110,8 | 0,9 | 0,8 | 0,3 | 0,2 |
| Эл аралык соодадан жана операциялардан түшкөн салык | 1311,1 | 892,0 | 9,7 | 6,2 | 3,1 | 1,8 |
| Башка салыктар жана жыйымдар | -0,9 | 0,2 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Алынган расмий трансферттер** | **200,4** | **81,8** | **1,5** | **0,6** | **0,5** | **0,2** |
| **Салыктан тышкаркы киреше** | **2454,2** | **2281,4** | **18,2** | **15,7** | **5,8** | **4,5** |
| Менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар | 543,6 | 362,0 | 4,0 | 2,5 | 1,3 | 0,7 |
| Административдик жыйымдар, төлөөлөр жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 1445,9 | 1436,6 | 10,7 | 9,9 | 3,4 | 2,8 |
| административдик жыйымдар жана төлөөлөр | 253,5 | 252,3 | 1,9 | 1,7 | 0,6 | 0,5 |
| акылуу көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр | 1192,3 | 1184,3 | 8,8 | 8,2 | 2,8 | 2,3 |
| **Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелер** | **6,4** | **19,5** | **0,0** | **0,1** | **0,0** | **0,0** |

Мамлекеттик бюджеттин операциялык чыгымдарынын негизги суммасы (70,9 пайызы же 8908,6 млн. сому) социалдык-маданий чөйрөгө багытталды. Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка 3060,7 млн. сом (24,4 пайызы), экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө - 552,4 млн. (4,4 пайызы), айлана-чөйрөнү коргоого - 34,8 млн. сом (0,3 пайызы) багытталды.

Мамлекеттик бюджеттин бюджеттик каражаттарынан 12441 млн. сом пайдаланылды, алардын ичинен 4226,5 млн. сому же 33,9 пайызы эмгек акыны, 3908,1 млн. (31,4 пайызы) социалдык жөлөкпулдарды төлөөгө, 2398,4 млн. (19,3 пайызы) товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдаланууга, 775,1 млн. (6,2 пайызы) субсидияларды берүүгө, 628,9 млн. (5,1 пайызы) финансылык эмес активдерди сатып алууга, 429,9 млн. (3,5 пайызы) пайыздарды төлөөгө, 47 млн. (0,4 пайызы) гранттарга, 27,1 млн. сому (0,2 пайызы) башка чыгымдарга багытталды. Атайын каражаттардын ичинен мамлекеттик бюджеттин бардык каражаттарынын 810,2 млн. же сому 6,1 пайызы пайдаланылды[1].

**74-таблица: Январь-февралдагы мамлекеттик бюджеттин чыгымдарынын түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | | ИДПга карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Чыгымдар** | **12368,5** | **13251,2** | **100** | **100** | **29,1** | **26,1** |
| **Операциялык ишмердикти жүргүзүүгө кеткен чыгымдар** | **11518,6** | **12556,6** | **93,1** | **94,8** | **27,1** | **24,7** |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 1341,1 | 1433,2 | 10,8 | 10,8 | 3,2 | 2,8 |
| Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | 1492,4 | 1627,6 | 12,1 | 12,3 | 3,5 | 3,2 |
| Экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 442,6 | 552,4 | 3,6 | 4,2 | 1,0 | 1,1 |
| Айлана-чөйрөнү коргоо | 42,6 | 34,8 | 0,3 | 0,3 | 0,1 | 0,1 |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 540,4 | 819,5 | 4,4 | 6,2 | 1,3 | 1,6 |
| Саламаттыкты сактоо | 1431,3 | 1459,6 | 11,6 | 11,0 | 3,4 | 2,9 |
| Эс алуу, маданият жана дин | 213,9 | 253,5 | 1,7 | 1,9 | 0,5 | 0,5 |
| Билим берүү | 2376,8 | 2441,8 | 19,2 | 18,4 | 5,6 | 4,8 |
| Социалдык коргоо | 3637,5 | 3934,3 | 29,4 | 29,7 | 8,5 | 7,7 |
| **Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар** | **849,9** | **694,7** | **6,9** | **5,2** | **2,0** | **1,4** |
| **Операциялык ишмердиктен алынган акча каражаттарынын таза келүү агымы** | **1987,0** | **1916,7** | **100** | **100** | **4,7** | **3,8** |
| Финансылык эмес активдерге салымдарды киргизүүнүн натыйжасында акча каражаттарынын таза кетүү агымы | 843,5 | 675,2 | - | - | 2,0 | 1,3 |
| **Акча каражаттарынын таңсыктыгы (-), профицити** | **1143,5** | **1241,5** | **100** | **100** | **2,7** | **2,4** |

*Республикалык бюджеттин кирешелери* (финансылык эмес активдерди сатуудан алынган каражаттарды кошкондо) ү.ж. январь-февралында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 6,7 пайызга көбөйүп, 12264,4 млн. сомду түздү. Көбөйүү 10205,2 млн. сом түшкөн салыктык кирешелердин эсебинен болду жана өткөн жылдын январь-февралындагы мындай түшүүлөрдүн көлөмүнөн 11,7 пайызга көп. Ошол эле убакта алынган расмий трансферттер 59,2 пайызга төмөндөп, 81,8 млн. сомду түздү, салыктык

[1] Атайын каражаттардын чыгымдары экономикалык классификация боюнча 2015-жылдын январь-декабрындагы такталган отчетунда гана көрсөтүлөт.

эмес кирешелер - 8,4 пайызга (1976,8 млн. сом) төмөндөдү. Салыктык кирешелердин негизги көлөмү кошумча нарк салыгынан (43,8 пайыз), акылуу кызмат көрсөтүүлөрдүн түшкөн салыктык эмес кирешелерден (53,3 пайыз) алынды.

Үстүбүздөгү жылдын январь-февралында *республикалык бюджеттин чыгымдары* (финансылык эмес активдерди сатууга кеткен чыгымдарды кошкондо) 6,3 пайызга көбөйүп, 3036,6 млн. сомду түздү. Операциялык чыгымдарды жүргүзүү үчүн социалдык-маданий чөйрөгө 7596,3 млн. сом же 68 пайыз, жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка - 3036,6 млн. (27,2 пайыз), экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө - 505,4 млн. (4,5 пайыз), айлана-чөйрөнү коргоого - 34,8 млн. сом (0,3 пайыз) багытталды.

**75-таблица: Январь-февралдагы республикалык бюджеттин түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кирешелер** | **11495,8** | **12264,4** | **100** | **100** |
| **Операциялык ишмердиктен түшкөн кирешелер** | **11495,7** | **12263,9** | **100,0** | **100,0** |
| **Салыктык кирешелер** | **9136,4** | **10205,2** | **79,5** | **83,2** |
| Киреше жана пайда салыгы | 2692,8 | 3224,6 | 23,4 | 26,3 |
| Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыгы | 534,9 | 611,1 | 4,7 | 5,0 |
| Кыргыз Республикасынын резиденттери эместер жактардын төлөгөн киреше салыгы | 253,7 | 140,4 | 2,2 | 1,1 |
| пайда салыгы | 588,3 | 791,0 | 5,1 | 6,4 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканалардын дүң кирешесинин салыгы | 1316,0 | 1682,1 | 11,4 | 13,7 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн салыгы | 5133,3 | 6088,6 | 44,7 | 49,6 |
| кошумча нарк салыгы | 3836,3 | 4474,7 | 33,4 | 36,5 |
| сатуудан салык | 532,5 | 581,9 | 4,6 | 4,7 |
| автомобиль жолдорун пайдалануудан түшкөн салык | 0,0 | 1,5 | 0,0 | 0,0 |
| өзгөчө кырдаалды алдын алуу жана жоюу үчүн чегерүүлөр | 0,0 | 1,0 | 0,0 | 0,0 |
| акциздик салык | 653,9 | 934,4 | 5,7 | 7,6 |
| жер астындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салык | 110,6 | 95,2 | 1,0 | 0,8 |
| Эл аралык соодадан жана операциялардан түшкөн салык | 1311,1 | 892,0 | 11,4 | 7,3 |
| **Алынган расмий трансферттер** | **200,4** | **81,8** | **1,7** | **0,7** |
| **Салыктык эмес кирешелер** | **2158,9** | **1976,8** | **18,8** | **16,1** |
| Менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар | 446,7 | 274,0 | 3,9 | 2,2 |
| Административдик жыйымдар, төлөөлөр жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 1274,5 | 1270,7 | 11,1 | 10,4 |
| административдик жыйымдар жана төлөөлөр | 207,6 | 217,3 | 1,8 | 1,8 |
| Акылуу көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр | 1066,9 | 1053,3 | 9,3 | 8,6 |
| **Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн киреше** | **0,1** | **0,5** | **0,0** | **0,0** |

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Чыгымдар** | **11081,8** | **11783,9** | **100** | **100** |
| **Операциялык ишмердикти жүргүзүүгө кеткен чыгымдар** | **10306,5** | **11173,1** | **93,0** | **94,8** |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 1331,3 | 1414,5 | 12,0 | 12,0 |
| Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | 1469,8 | 1622,1 | 13,3 | 13,8 |
| Экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 392,8 | 505,4 | 3,5 | 4,3 |
| Айлана-чөйрөнү коргоо | 42,5 | 34,8 | 0,4 | 0,3 |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 204,0 | 498,0 | 1,8 | 4,2 |
| Саламаттыкты сактоо | 1249,5 | 1247,7 | 11,3 | 10,6 |
| Эс алуу, маданият жана дин | 141,9 | 172,5 | 1,3 | 1,5 |
| Билим берүү | 1880,7 | 1828,7 | 17,0 | 15,5 |
| Социалдык коргоо | 3593,9 | 3849,4 | 32,4 | 32,7 |
| **Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар** | **775,3** | **610,8** | **7,0** | **5,2** |

Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу ү.ж. январь-февралында экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрөтүүлөргө жумшалган чыгымдар 28,7 пайызга, жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка - 8,4 пайызга, социалдык-маданий чөйрөгө - 7,4 пайызга көбөйдү.

Ушул жылдын январь-февралында *жергиликтүү бюджеттин кирешелери* (финансылык эмес активдерди сатуудан алынган түшүүлөрдү кошкондо) өткөн жылдын январь-февралына салыштырмалуу 10,4 пайызга азайып, 2518,8 млн. сомду түздү, *жергиликтүү бюджеттин чыгымдары* (финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдарды кошкондо) - 28,6 пайызга (1757,3 млн. сомго) азайды.

Алынган кирешелерде салыктык төлөөлөр басымдуулук кылды, алардын үлүшүнө ү.ж. январь-февралында бардык кирешелердин 75,6 пайызы же 1904,8 млн. сому туура келди, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда алардын үлүшү бир аз (0,4 пайыздык пунктка), ал эми көлөмү - 11,1 пайызга жогорулады.

Бардык кирешелердин 12,1 пайызын же 304,6 млн. сомун салыктык эмес кирешелер ээледи, бул өткөн жылдын январь-февралындагы мындай түшүүлөрдөн 3,1 пайызга көп, ал эми алардын үлүшү 0,8 пайыздык пунктка азайды. Ушул эле мезгилде 290,4 млн. сом өлчөмүндө расмий трансферттер алынды, бул 9,6 пайызга көп, алардын жалпы кирешелердеги үлүшү бир аз төмөндөдү жана 11,5 пайызды түздү.

Салыктык кирешелердин 63 пайызга жакыны сатуудан алынган салыктын жана Кыргыз Республикасынын жеке адамдары -резиденттери төлөгөн киреше салыгынын, салыктык эмес кирешелердин 43 пайызы акылуу кызмат көрсөтүүлөрдөн, расмий трансферттердин 77,4 пайызы жергиликтүү бюджеттерге берилген гранттардын эсебинен келип түштү.

Ушул жылдын январь-февралында социалдык-маданий чөйрөгө жумшалган операциялык чыгымдар 1312,3 млн. сомду же 78,4 пайызды түздү. Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка - 18,8 пайызы (314,6 млн. сом), экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө - 2,8 пайызы (47 млн. сом) пайдаланылды. Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу социалдык-маданий чөйрөгө (16,2 пайызга) жана жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка жумшалган чыгымдар (5,8 пайызга) өсүп, экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө жумшалган чыгымдар тескерисинче, 5,7 пайызга азайды.

## 76-таблица: Январь-февралдагы жергиликтүү бюджеттердин түзүмү

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кирешелер** | **2281,1** | **2518,8** | **100** | **100** |
| **Операциялык ишмердиктен түшкөн кирешелер** | **2274,9** | **2499,8** | **99,7** | **99,2** |
| **Салыктык кирешелер** | **1714,7** | **1904,8** | **75,2** | **75,6** |
| Киреше жана пайда салыгы | 870,1 | 972,5 | 38,1 | 38,6 |
| Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыгы | 534,6 | 611,1 | 23,4 | 24,3 |
| бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр | 34,6 | 38,5 | 1,5 | 1,5 |
| патенттик негиздеги салык | 301,0 | 322,9 | 13,2 | 12,8 |
| Менчиктен түшкөн салык | 299,8 | 334,5 | 13,1 | 13,3 |
| мүлккө салык | 131,1 | 150,5 | 5,7 | 6,0 |
| жер салыгы | 168,6 | 184,1 | 7,4 | 7,3 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн салыгы | 544,9 | 597,5 | 23,9 | 23,7 |
| сатуудан салык | 532,5 | 581,9 | 23,3 | 23,1 |
| жер астындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салык | 12,5 | 15,6 | 0,5 | 0,6 |
| Башка салыктар жана жыйымдар | -0,2 | 0,3 | 0,0 | 0,0 |
| **Алынган расмий трансферттер** | **265,0** | **290,4** | **11,6** | **11,5** |
| **Салыктык эмес кирешелер** | **295,3** | **304,6** | **12,9** | **12,1** |
| Менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар | 96,9 | 88,0 | 4,2 | 3,5 |
| Товарларды сатуудан жана кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүүдөн түшкөн кирешелер | 171,4 | 165,9 | 7,5 | 6,6 |
| административдик жыйымдар жана төлөөлөр | 45,9 | 34,9 | 2,0 | 1,4 |
| акылуу көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр | 125,5 | 131,0 | 5,5 | 5,2 |
| **Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн киреше** | **6,3** | **19,0** | **0,3** | **0,8** |
| **Чыгымдар** | **1551,6** | **1757,3** | **100** | **100** |
| **Операциялык ишмердикти ишке ашырууга кеткен чыгымдар** | **1477,0** | **1673,9** | **95,2** | **95,3** |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 274,8 | 309,1 | 17,7 | 17,6 |
| Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | 22,5 | 5,5 | 1,5 | 0,3 |
| Экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 49,8 | 47,0 | 3,2 | 2,7 |
| Айлана-чөйрөнү коргоо | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 336,4 | 321,5 | 21,7 | 18,3 |
| Саламаттыкты сактоо | 181,8 | 211,9 | 11,7 | 12,1 |
| Эс алуу, маданият жана дин | 71,9 | 81,0 | 4,6 | 4,6 |
| Билим берүү | 496,2 | 613,0 | 32,0 | 34,9 |
| Социалдык коргоо | 43,6 | 84,9 | 2,8 | 4,8 |
| **Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар** | **74,6** | **83,4** | **4,8** | **4,7** |

## Финансы сектору

Кыргыз Республикасынын экономикасынын финансы секторунда 2014-ж. 792 уюм, анын ичинде Улуттук банк жана 24 коммерциалык банк, 738 банктык эмес финансылык-насыя берүүчү мекеме, 21 камсыздандыруу компания, 6 инвестициялык фонд жана 2 биржа иш жүргүздү.

Экономиканын финансы секторунун уюмдарынын кирешелеринин көлөмү 2014-ж. 33014,9 млн. сом суммасында түзүлдү, мурунку жылга салыштырмалуу 44,8 пайызга же 10214,4 млн. сомго өстү, бул негизинен банктардын кирешелеринин өсүүсү менен камсыздалды. Ушул эле салыштырылып жаткан мезгилде чыгымдар 31,7 пайызга же 5564,7 млн. сомго өстү жана 23131,2 млн. сомду түздү.

**77- таблица: Экономиканын финансы секторунун ишканаларынын ишмердигинин көрсөткүчтөрү**
***(млн. сом)***

| | Киреше | | Чыгым | | Сальдоштурулган финансылык жыйынтык | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **22800,5** | **33014,9** | **17566,5** | **23131,2** | **5271,7** | **9949,8** |
| Банктар | 16069,1 | 24702,3 | 11847,4 | 15819,5 | 4221,7 | 8882,7 |
| Күрөөканалар | 96,7 | 118,9 | 69,2 | 83,2 | 27,4 | 35,7 |
| Адистештирилген финансылык-насыя берүүчү мекеме | 64,6 | 61,9 | 23,8 | 47,3 | 40,7 | 14,6 |
| Насыялык бирикмелер | 458,7 | 434,2 | 312,8 | 344,5 | 145,9 | 89,5 |
| Чакан насыя берүүчү уюмдар | 5622,0 | 6493,7 | 4879,2 | 5762,6 | 742,1 | 731,1 |
| Камсыздоо уюмдар | 482,1 | 1195,5 | 427,6 | 1067,0 | 91,8 | 192,6 |
| Инвестициялык фонддор | 4,5 | 5,5 | 1,6 | 2,2 | 2,9 | 3,2 |
| Биржалар | 2,8 | 2,9 | 4,9 | 4,9 | -0,8 | 0,4 |

Экономиканын финансы секторунда 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча пайданын 9949,8 млн. сом өлчөмүндөгү сальдоштурулган финансылык оң жыйынтыгы алынды, бул мурунку жылга караганда 1,9 эсеге же 4678,1 млн. сомго көп. Көбөйүү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан алтын-валюта резервдерин башкаруудан түшкөн кирешелердин өсүүсүнүн эсебинен камсыздалды.

Экономиканын финансы секторунун уюмдарынын жалпыланган активдери жыл ичинде 15,4 пайызга же 38704,5 млн. сомго өсүп, жылдын аягына 290175 млн. сомду түздү. Алардын негизги көлөмү (88,3 пайызы) банктык сектор тарабынан түзүлдү. 2014-ж. активдердин кирешелүүлүк коэффициенти 3,7 пайызды түзүп, муну менен күрөөканалардын жана камсыздандыруу компанияларынын активдери эң жогорку кирешелүүлөрдөн болуп саналды.

**78-таблица: Финансы секторунун уюмдарынын активдери, милдеттенмелери жана капиталы**
***(млн. сом)***

| | Активдер | | Милдеттенмелер | | Капитал | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Бардыгы** | **251470,5** | **290175,0** | **206608,8** | **230852,1** | **44861,7** | **59322,9** |
| Улуттук банк | 114649,7 | 122658,0 | 99798,5 | 97567,7 | 14851,2 | 25090,3 |
| Коммерциялык банктар | 109090,9 | 133479,5 | 89960,6 | 111861,8 | 19130,3 | 21617,7 |
| Күрөөканалар | 198,7 | 334,6 | 47,8 | 128,7 | 150,9 | 205,9 |
| Адистештирилген финансылык-насыя мекемелери | 493,8 | 447,2 | 314,0 | 305,8 | 179,8 | 141,4 |
| Насыя бирликтери | 1828,1 | 1867,3 | 854,3 | 898,4 | 973,8 | 968,9 |
| Чакан насыя берүүчү уюмдар | 23114,0 | 28647,7 | 15082,4 | 19720,1 | 8031,6 | 8927,6 |
| Камсыздандыруу уюмдары | 2007,1 | 2646,5 | 542,7 | 358,8 | 1464,4 | 2287,7 |
| Инвестициялык фонддор | 37,8 | 43,4 | 6,0 | 8,2 | 31,8 | 35,2 |
| Биржалар | 50,4 | 50,8 | 2,5 | 2,6 | 47,9 | 48,2 |

Бир жылдын ичинде милдеттенмелер 11,7 пайызга (24243,3 млн. сомго) көбөйдү. Активдердин жана милдеттенмелердин негизги өсүүсү банктар жана чакан насыя берүүчү уюмдар тарабынан камсыздалды.

2014-жылы финансы секторунун уюмдарынын капиталынын наркы 32,2 пайызга же 14461,2 млн. сомго өсүүсү белгиленди. Улуттук банк тарабынан капиталдын негизги өсүүсү отчёттук жылдын пайдасынын, чет өлкөлүк валюталарды жана баалуу металлдарды кайра баалоо боюнча резервтердин көбөйүшүнүн эсебинен шартталды.

**Коммерциялык банктар.** 2014-жылы республиканын банктык секторунда 24 коммерциялык банк (анын ичинен эки банк консервация шарттарында иштешет) жана 296 филиал ишмердигин жүргүздү. Коммерциялык банкта иштегендердин саны 12,1 миң адамды түздү. Алты коммерциялык банк мурдагыдай эле жоюлуу процессинде турат жана эки банктан ишмердикти уюштуруу лицензиясы кайра чакырылып алынды.

2014-жылы коммерциялык банктардын кирешелери мурунку жылга салыштырмалуу 24,5 пайызга же 3593,3 млн. сомго өстү, бул берилген насыялардын пайыздык кирешелеринин өсүшү менен камсыздалды. Пайыздык кирешелердин үлүшүнө кирешелердин жалпы көлөмүнүн 73,2 пайызы (13363,5 млн. сому), пайыздык эмес кирешелердин - 26,8 пайызы (4885,3 млн. сому) туура келди. Ушул эле салыштырылып жаткан мезгилде чыгымдар 35,7 пайызга же 3883,8 млн. сомго өстү. Пайыздык жана операциялык чыгымдардын өсүүсү белгиленди.

2014-жылдын жыйынтыгы боюнча 22 банк пайда (3530,6 млн. сом суммасында) алды, ал эми 2 банк чыгым (43,6 млн. сом) тартты. Сальдоштурулган финансылык жыйынтык 3487,0 млн. сом пайда өлчөмүндө түзүлдү, бул 2013-ж. караганда 7,7 пайыз же 290,5 млн. сомго аз, бул беш банктын финансылык жыйынтыктарынын төмөндөшү менен шартталды.

**79-таблица: Коммерциялык банктардын ишмердигинин көрсөткүчтөрү**
*(млн. сом)*

| | 2013 | 2014 | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | янв.-март | янв.-июнь | янв.-сент. | янв.-дек. |
| Кирешелер | 14655,5 | 3888,4 | 8147,4 | 12906,3 | 18248,8 |
| Чыгымдар | 10878,0 | 3123,1 | 6650,7 | 10319,7 | 14761,8 |
| Сальдоштурулган финансылык жыйынтык (пайдадан чыгаша кемитилет) | 3777,5 | 765,3 | 1496,7 | 2586,6 | 3487,0 |
| Жеке жактардын каражаттарын депозиттерге тартуу (кетүү агымы) | 9030,2 | 4464,5 | 5844,0 | 6166,6 | 7308,8 |
| Жеке адамдардын салымдарынын калдыгы[1] (отчеттук мезгилдин аягына карата) | 31094,2 | 35562,3 | 36947,4 | 37270,1 | 37042,9 |
| анын ичинде: | | | | | |
| улуттук валюта | 16061,2 | 18287,6 | 19198,6 | 18625,0 | 14508,9 |
| чет өлкөлүк валюта | 15033,0 | 17274,7 | 17748,8 | 18645,1 | 22534,0 |
| Экономиканын субъекттерине берилген насыялар | 59099,7 | 18158,7 | 39826,1 | 58933,1 | 79978,1 |
| Экономикага насыялар[1] (отчеттук мезгилдин аягына карата ссуданын калдыктары) | 56247,2 | 63635,8 | 68955,5 | 74801,8 | 81286,7 |
| анын ичинде: | | | | | |
| кыска мөөнөттүү | 9588,6 | 9636,0 | 10007,7 | 10229,0 | 10270,7 |
| узак мөөнөттүү | 46658,6 | 53999,8 | 58947,8 | 64572,8 | 71016,0 |

[1] Консервация жана жоюлуу процессинде турган банктарды эсепке алганда.

2014-жылы жеке жактардын депозиттерине салымдардын агымы мурунку жылдын көлөмү менен салыштырганда 19,1 пайызга же 1721,4 млн. сомго кыскарды. Өткөн жылы калктын салымдарынын калдыктарынын суммасы 5948,7 млн. сомго көбөйүп, жылдын аягына карата 37042,9 млн. сомду түздү. 2014-жылдын 4-кварталында валюталардын түрлөрү боюнча депозиттердин түзүмүндө өзгөрүүлөр болду. Сентябрдын аягына карата улуттук валютадагы валюталык салымдарга жана депозиттерге депозиттердин жалпы көлөмүнүн 50 пайызы туура келсе, жылдын аягына карата улуттук валютадагы салымдардын үлүшү 39,2 пайызга чейин кыскарды, ал эми чет өлкөлүк валютадагы салымдар тескерисинче, 60,8 пайызга чейин өстү.

2014-жылы берилген насыялардын көлөмү мурунку жылга салыштырганда 35,3 пайызга же 20878,4 млн. сомго көбөйдү. Соода (5650,0 млн. сомго), айыл чарба (3417,1 млн. сомго), жана өнөр жай (3173,2 млн. сомго) чөйрөлөрүн насыялоонун көлөмү өстү. Ошондой эле керектөө (1572,0 млн. сомго) жана ипотекалык насыялоонун (736,5 млн. сомго) көлөмдөрүнүн өсүшү белгиленди.

Бир жылдын ичинде ачык насыя портфели 44,5 пайызга же 25039,5 млн. сомго өстү. Мурдагыдай эле насыялардын негизги көлөмү бизнес максаттары үчүн (жалпы көлөмдүн 57786,2 млн. сому же 71,1 пайызы) алынды. Узак мөөнөттүү насыялоонун көлөмүнүн өсүү тенденциясы сакталууда, 2013-ж. салыштырмалуу насыялык салымдардын жалпы көлөмүнүн салыштырма салмагы 4,4 пайыздык пунктка көбөйүп, 87,4 пайызды түздү. Кыска мөөнөттүү насыялардын үлүшүнө насыялык портфелдин жалпы көлөмүнүн 12,6 пайызы туура келди.

Региондук түзүмдө Бишкек ш. зайымчылар эң активдүү, алардын үлүшүнө банктардын насыялык портфелинин жалпы көлөмүнүн 60 пайызы (48765,9 млн. сому) туура келет.

**80-таблица: 2014-жылдагы аймактар боюнча экономикага насыялык салымдар**

| | Коммерциялык банктар | | Банктан тышкаркы финансылык-насыя берүүчү уюмдар | |
|---|---|---|---|---|
| | млн. сом | жыйынтыкка карата пайыз менен | млн. сом | жыйынтыкка карата пайыз менен |
| **Кыргыз Республикасы** | **81286,7** | **100** | **23956,3** | **100** |
| Баткен облусу | 2154,0 | 2,6 | 2058,4 | 8,6 |
| Жалал-Абад облусу | 7161,4 | 8,8 | 3844,3 | 16,0 |
| Ысык-Көл облусу | 4040,3 | 5,0 | 2313,9 | 9,7 |
| Нарын облусу | 1790,7 | 2,2 | 1661,0 | 6,9 |
| Ош облусу | 5125,3 | 6,3 | 3251,8 | 13,6 |
| Талас облусу | 2448,0 | 3,0 | 1599,6 | 6,7 |
| Чүй облусу | 5398,7 | 6,6 | 3344,6 | 14,0 |
| Бишкек ш. | 48765,9 | 60,0 | 4927,9 | 20,6 |
| Ош ш. | 4402,4 | 5,4 | 954,8 | 4,0 |

**Банктык эмес финансылык-насыя уюмдары.** 2014-жылы банктык эмес финансылык-насыя уюмдарынын саны 738 түздү, анын ичинде 299 чакан насыя берүүчү уюм, 272 күрөөкана, 165 насыя бирлиги жана эки адистештирилген финансылык-насыя берүүчү мекеме (алардын ичинен бирөө жоюу процессинде). Республиканын аймактарында 171 филиал ишмердигин жүргүздү, кардарлардын саны ( юридикалык жана жеке жактардын) 489 минди түздү, ал эми банктык эмес финансылык-насыя уюмдарынын тутумунда иштегендердин саны 2014-ж. 5,9 миң адамга жетти.

2014-жылы мурунку жылга салыштырмалуу банктык эмес финансылык-насыя мекемелеринин кирешелери 13,9 пайызга, чыгымдары 18,0 пайызга өстү. Жылдын жыйынтыгы боюнча 9 пайыз же 85,2 млн. сом пайда алынды, бул 2013-жылга караганда аз.

Өткөн жылы 127 уюм 256,4 млн. сом суммасында чыгаша тартты, алардын үлүшүн банктык эмес финансылык-насыя уюмдарынын жалпы санынын 17,2 пайызы түздү. 444 уюм (жалпы санынын 60,2 пайызы) 1127,3 млн. сом өлчөмүндөгү пайда көлөмү менен жыл аягына чыгышты.

Пайданын негизги көлөмү (банктык эмес финансылык-насыя уюмдарынын пайдасынын жалпыланган көлөмүнүн 731,1 млн. сому же 84 пайызы) чакан насыя берүүчү уюмдар тарабынан алынды.

**81-таблица: Банктык эмес финансылык-насыя уюмдарынын көрсөткүчтөрү**
*(млн. сом)*

| | 2013 | 2014 | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **янв.-март** | **янв.-июнь** | **янв.-сент.** | **янв.-дек.** |
| Кирешелер | 6242,0 | 1591,6 | 3334,9 | 5195,0 | 7108,7 |
| Чыгымдар | 5285,0 | 1384,4 | 2830,0 | 4476,5 | 6237,6 |
| Сальдоштурулган финансылык жыйынтык (пайдадан чыгаша кемитилет) | 956,1 | 206,9 | 504,9 | 718,5 | 870,9 |
| Экономиканын субъекттерине берилген насыялар | 29285,3 | 6636,3 | 15282,2 | 24162,5 | 32429,2 |
| Экономикага насыялар[1] (отчеттук мезгилдин аягына карата ссуданын калдыктары) | 19677,8 | 19574,0 | 21401,8 | 23277,5 | 23956,3 |
| анын ичинде: | | | | | |
| кыска мөөнөттүү | 7087,3 | 6718,9 | 6986,0 | 7084,1 | 6720,6 |
| узак мөөнөттүү | 12590,5 | 12855,1 | 14415,8 | 16193,4 | 17235,7 |

2014-жылы банктык эмес финансылык-насыя уюмдары тарабынан берилген насыялардын көлөмү мурунку жылга салыштырмалуу 10,7 пайызга (3143,9 млн. сомго) көбөйдү, бул керектөө насыялоосунун өсүүсү менен камсыздалды.

2014-жылдын аягына карата насыялык портфель 23956,3 млн. сомду түздү, бул 2013-ж. караганда 21,7 пайызга көп. Насыялоонун негизги багыттары айыл чарба (насыялык портфелдин 45,0 пайызы), соода чөйрөсү (19,5 пайызы) жана керектөөчү насыялар (14 пайызы) болуп кала берди.

Насыялык салымдардын жалпы көлөмүндөгү узак мөөнөттүү насыялардын үлүшүнүн өсүүсү уланууда, ал 2013-ж. салыштырмалуу 8 пайыздык пунктка өсүп, 72 пайызга жетти.

**Банктык эмес финансылык-насыя уюмдары тарабынан калкка чакан насыя берүү.** Чакан насыя берүүчү уюмдар тарабынан 2014-ж. 30523,4 млн. сом суммасында насыялар берилди, ал эми алган адамдардын саны 456,6 миң адамды түздү. 2013-ж. салыштырганда берилген чакан насыялардын көлөмү 10,8 пайызга же 2989,5 млн. сомго өстү, ал эми чакан насыя алган калктын саны 8,9 пайызга (56,9 миң адамга) азайды.

Чакан насыялардын негизги үлүшү - 42,7 пайызы бир жылдан үч жылга чейинки жана 37,8 пайызы алты айдан он эки айга чейинки мөөнөткө берилди.

Чакан насыялардын эң көп саны 50 миң сомдон ашык өлчөмдө берилди, аларды 187,9 миң адам 22109,4 млн. сом суммасында алды. 10 миңден 25 миң сомго чейин чакан насыяларды 78,3 миң адам 1573,0 млн. сом суммасында алышты, ал эми 25 миңден 50 миң сомго чейинки насыялар 158,9 миң адамга 6585,2 млн. сом көлөмүндө берилди.

Чакан насыяларды алган адамдардын ичинен аялдар (63,7 пайыз же 290,7 миң адам) басымдуулук кылды.

2014-жылы берилген чакан насыялардын жалпы көлөмүнүн 47,8 пайызы айыл чарба, 21,3 пайызы - соода жана коомдук тамактануу чөйрөсүндөгү ишмердикти өнүктүрүүгө багытталды. Керектөө муктаждыктарына берилген чакан насыялардын үлүшү 15,1 пайызды түздү.

**82-таблица: Алуу максаттары боюнча калкка чакан насыя берүү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Берилген чакан насыялар - бардыгы** | **27533,9** | **30523,4** | **100** | **100** |
| анын ичинде төмөнкү жааттагы ишмердикти уюштуруу үчүн: | | | | |
| өнөр жай өндүрүшү | 269,8 | 223,7 | 0,9 | 0,7 |
| айыл чарбасы | 14443,5 | 14582,4 | 52,5 | 47,8 |
| Ветеринардык тейлөө | 0,2 | 0,5 | 0,0 | 0,0 |
| Транспорт жана байланыш | 290,2 | 395,1 | 1,1 | 1,3 |
| Курулуш | 867,7 | 1191,9 | 3,2 | 3,9 |
| Соода жана коомдук тамактануу | 6311,2 | 6488,0 | 22,9 | 21,3 |
| Калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө | 1589,7 | 1719,2 | 5,8 | 5,6 |
| Автомобилдерди, техникалык тейлөө станцияларын оңдоо | 9,7 | 23,1 | 0,0 | 0,1 |
| Башкалар | 3752,0 | 5899,5 | 13,6 | 19,3 |
| анын ичинен керектөө насыялары | 2977,5 | 4612,2 | 10,8 | 15,1 |

Чакан насыялардын олуттуу суммасы Бишкек ш. (берилген чакан насыялардын жалпы көлөмүнүн 18,2 пайызы), Жалал-Абад (16,6 пайыз), Чүй (15,1 пайызы) жана Ош облустарынын (14,3 пайызы) тургундарына берилди.

**83-таблица: Аймактар боюнча калкка чакан насыя берүү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 | 2014 | 2013 | 2014 |
| **Кыргызс Республикасы** | **27533,9** | **30523,4** | **100** | **100** |
| Баткенская облусу | 2350,8 | 2340,2 | 8,5 | 7,7 |
| Джалал-Абадская облусу | 4368,9 | 5061,5 | 15,9 | 16,6 |
| Иссык-Кульская облусу | 2670,1 | 2882,1 | 9,7 | 9,4 |
| Нарынская облусу | 2084,9 | 2268,9 | 7,6 | 7,4 |
| Ошская облусу | 3856,8 | 4359,4 | 14,0 | 14,3 |
| Таласская облусу | 2168,2 | 2215,6 | 7,9 | 7,3 |
| Чуйская облусу | 4220,5 | 4624,0 | 15,3 | 15,1 |
| г. Бишкек | 4757,3 | 5543,6 | 17,3 | 18,2 |
| г. Ош | 1056,4 | 1228,2 | 3,8 | 4,0 |

2014-жылы калкка чакан насыя берүүнү камтуу деңгээли калктын1000ине 77 адамды түздү. Чакан насыя алуучулардын калктын 1000ине алгандагы эң көп саны Нарын (139 адам), Талас (123 адам), Ысык-Көл (101 адам) облустарына туура келди.

2015-жылдын 1-январына карата берилген чакан насыялар боюнча карыз 22150,7 млн. сомду түздү, алардын негизги суммасынын 4051,3 млн. сому Бишкек ш. (карыздын жалпы суммасынын 18,2 пайызы), Жалал-Абад облусуна - 3778,5 млн. (17,1 пайызы), Чүй облусуна - 3147,6 млн. (14,2 пайызы), Ош облусуна 3121,6 млн. сом (14,1 пайызы) туура келди.

Чакан насыяларды кайтаруунун деңгээли 2014-жылы 94,4 пайызды түздү, бул 2013-жылга салыштырмалуу 1,2 пайыздык пунктка төмөн.

**Камсыздандыруу уюмдары.** 2014-жылы камсыздандыруу ишмердигин 21 камсыздандыруу компаниясы жүргүздү. Камсыздандыруу компаниялардын дүң кирешесинин көлөмү 2013-ж. салыштырганда 2,5 эсеге же 713,4 млн. сомго көбөйүү менен 1195,5 млн. сомду түздү, бул мүлктүк камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөөлөрүнүн түшүүлөрүнүн өсүүсү менен шартталды. Ушул эле мезгилде камсыздандыруу компанияларынын чыгымдары 2,5 эсеге же 639,3 млн. сомго өсүп, 1067 млн. сомду түздү. 2014-жылы финансы-чарба ишмердигинин натыйжасында 192,6 млн. сом өлчөмүндө тендемдик пайда алынды, бул мурунку жылдын деңгээлинен 2,1 эсеге жогору болду. 14 камсыздандыруу компаниясы рентабелдүү болуп саналды, алар тарабынан 222,9 млн.

сомдук пайда алынды, ал эми 2 компания рентабелдүү эмес болуп, 30,3 млн. сом өлчөмүндө чыгаша тартты.

2014-жылы 170,4 миң камсыздандыруу келишими түзүлдү, бул 2013-ж. салыштырмалуу 19,1 миң келишимге аз. Түзүлгөн келишимдердин жалпы санынын ичинен 94,4 пайызы жеке жактардын, 5,6 пайызы юридикалык жактардын келишимдерине туура келди. Негизинен бардык түзүлгөн келишимдердин 169,5 миңи же 99,4 пайызы өз ыктыяры менен камсыздандыруу келишимдерин түзүштү. Анын ичинен 85,8 пайызы жеке, 12,6 пайызы - мүлктүк жана 1,6 пайызы жоопкерчилик камсыздандыруу келишими болду.

2013-жылга салыштырганда түзүлгөн келишимдер боюнча камсыздандыруу суммасы дээрлик 2 эсеге же 251313,1 млн. сомго көбөйдү жана 2014-жылдын аягына карата 518551,9 млн. сомго жетти. Негизинен камсыздандыруу суммаларынын өсүүсү жоопкерчилик камсыздандыруусунун (120273,4 млн. сомго), чарба жүргүзүүчү субъекттердин мүлкүн камсыздандыруунун (72672,7 млн.) жана милдеттүү камсыздандыруунун (50248,1 млн. сомго) келишимдери боюнча камсыздалды.

Камсыздандыруу учурларынын саны 2013-ж. 4,2 минден 2014-ж. 5,4 миң бирдикке чейин көбөйдү. Муну менен камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өндүрүлгөн көлөмү 2,3 эсеге көбөйүп, 118,4 млн. сомду түздү, анын ичинен өз ыктыяры боюнча камсыздандыруунун үлүшүнө камсыздандыруу төлөмдөрүнүн жалпы көлөмүнүн 95,8 пайызы (113,4 млн. сому) туура келди.

**84-таблица: Камсыздандыруу компаниялардын ишмердиги**

*(млн. сом)*

| | 2013 | 2014 | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | янв.-март | янв.-июнь | янв.-сент. | янв.-дек. |
| **Камсыздандыруу суммасы** | **267238,8** | **42454,2** | **216841,4** | **300979,8** | **518551,8** |
| Өз ыктыяры менен камсыздандыруу | 238629,6 | 37573,0 | 208504,2 | 247011,1 | 439694,5 |
| жеке камсыздандыруу | 79139,9 | 10527,0 | 22316,2 | 64788,7 | 82980,5 |
| мүлктүк камсыздандыруу | 68974,3 | 24236,5 | 68063,9 | 111612,8 | 145925,2 |
| анын ичинен жарандардын мүлкү | 7695,4 | 1688,6 | 4903,1 | 12178,7 | 11973,5 |
| жоопкерчилик камсыздандыруусу | 90515,4 | 2809,5 | 118124,1 | 70609,6 | 210788,8 |
| Милдеттүү камсыздандыруу | 28609,2 | 4881,2 | 8337,2 | 53968,7 | 78857,3 |
| **Камсыздандыруу салымдарынын түшүшү** | **405,4** | **111,6** | **297,9** | **867,2** | **1003,2** |
| Өз ыктыяры менен камсыздандыруу | 331,5 | 95,8 | 272,8 | 798,8 | 914,2 |
| жеке камсыздандыруу | 71,4 | 35,6 | 91,5 | 149,3 | 166,8 |
| мүлктүк камсыздандыруу | 186,6 | 47,5 | 132,9 | 582,7 | 648,2 |
| анын ичинен жарандардын мүлкү | 31,3 | 7,8 | 21,5 | 44,8 | 42,2 |
| жоопкерчилик камсыздандыруусу | 73,5 | 12,7 | 48,4 | 66,8 | 99,2 |
| Милдеттүү камсыздандыруу | 73,9 | 15,8 | 25,1 | 68,4 | 89,0 |
| **Камсыздандыруу төлөмдөр** | **50,8** | **10,9** | **24,4** | **99,7** | **118,3** |
| Өз ыктыяры менен камсыздандыруу | 48,2 | 10,8 | 23,9 | 98,6 | 113,4 |
| жеке камсыздандыруу | 16,7 | 4,6 | 11,3 | 20,0 | 29,2 |
| мүлктүк камсыздандыруу | 27,3 | 5,6 | 11,6 | 77,1 | 82,6 |
| анын ичинен жарандардын мүлкү | 4,4 | 1,6 | 2,4 | 5,9 | 8,9 |
| жоопкерчилик камсыздандыруусу | 4,2 | 0,6 | 1,0 | 1,5 | 1,6 |
| Милдеттүү камсыздандыруу | 2,6 | 0,1 | 0,5 | 1,1 | 4,9 |

Жеке камсыздандыруунун багыттарынын бири туризмди камсыздандыруу болуп саналат. 2014-жылы туризмди камсыздандыруунун үлүшүнө түзүлгөн келишимдердин (11,5 миң келишимдер) жалпы санынын 6,7 пайызы туура келет. Туризмди камсыздандыруу келишимдери боюнча камсыздандыруу суммасы 2014-ж. 70780,1 млн. сомду же жеке камсыздандыруунун суммасынын 85,3 пайызын түздү. Бирок 2013-ж. салыштырмалуу түзүлгөн келишимдердин (4,8 миңге) жана камсыздандыруу суммасынын (926,5 млн. сомго) санын азаюсун белгилей кетүүгө болот.

Туризм чөйрөсүндөгү камсыздандыруу төгүмдөрдүн түшүүлөрүнүн суммасы 2013-ж. салыштырмалуу 37,4 пайызга өсүп, 23,5 млн. сомду түздү.

2014-жылы 1,8 млн. сом суммасында камсыздандыруу төлөмдөрү жүргүзүлдү, 85 камсыздандыруу учурлары катталды, муну менен бирге мурунку жылга салыштырганда учурлардын саны 11ге, ал эми төлөөлөрдүн суммасы 1,8 эсеге өстү.

**Инвестициялык фонддор.** 2014-жылы фонддук баалуулуктар менен операцияларды 6 инвестициялык фонд ишке ашырышты. Алар тарабынан баалуу кагаздар менен операциялар боюнча 2 бүтүм жүргүзүлдү. Фонддук баалуулуктарды сатып алуу жана сатуу боюнча жүргүзүлгөн бүтүмдөрдүн көлөмү 134 миң сомду түздү. Бардык өткөрүлгөн бүтүмдөр өнөр жай ишканаларынын акцияларына туура келди.

2014-жылы инвестициялык фонддордун кирешелери 2013-ж. салыштырмалуу 22,5 пайызга көбөйүп, 5478,8 миң сомду түздү, анын ичинен 52 пайызы же 2849,7 миң сому дивиденддердин жана 33 пайызы (1812,6 миң сому) пайыздардын эсебинен алынды.

Ушул эле мезгилде чыгымдар 37 пайызга көбөйүп, 2166,4 миң сомду түздү. Инвестициялык фонддордун ишмердиги менен байланышкан чыгымдардагы 57,3 пайызы же 1240,4 миң сому инвестициялык фонддун аткаруу органынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн төлөөлөрүнө туура келди.

2014-жылдын жыйынтыктары боюнча инвестициялык фонддор тарабынан 3204,1 миң сом өлчөмүндө сальдоштурулган финансылык оң натыйжа алынды, бул 2013-ж. караганда 329,2 миң же 11,5 пайызга көп.

**Биржалар.** 2014-жылы фонддук рынокто баалуу кагаздар менен операциялар боюнча 3516 бүтүм катталган, бул мурунку жылга салыштырганда 5,7 пайызга көп. Бүтүмдөрдүн басымдуу үлүшү - 57,6 пайызы облигацияларды сатуудан, 42,2 пайызы акцияларды жана 0,2 пайызы башка баалуу кагаздарды сатуудан түзүлдү.

Баалуу кагаздар боюнча жүргүзүлгөн сатуулардын көлөмү 1634,3 млн. сомду түздү, бул 2013-ж. караганда 0,8 пайызга аз. Сооданын жалпы көлөмүнөн акцияларды сатууга 77,9 пайызы, облигацияларга - 21,2 пайызы туура келди.

2014-жылы 329,9 млн. акция сатылды, бул 3,6 эсе (239,5 млн. сомго көп). Алардын ичинен сатылган акциялардын жалпы санынын 83,3 пайызы акционердик коомдорго, банктарга 16,7 пайызы туура келди.

Өткөн жылда биржа ишмердиги боюнча дүң киреше 2992,8 миң сом суммасында алынды, бул мурунку жылга салыштырмалуу 178,4 миң сомго же 6,3 пайызга көп болду. 2014-жылдагы биржа ишмердигинин чыгымдары 4930,0 миң сом суммасында түзүлдү, бул 2013-жылга карата 24,3 миң сомго аз. Биржа ишмердиги менен байланышкан чыгымдардын 57,3 пайызы же 2824,8 миң сому персоналдын эмгек акысын төлөөгө туура келди.

2014-жылдын жыйынтыгы боюнча фонддук биржалар тарабынан 441,2 миң сом пайда өлчөмүндө оң сальдоштурулган финансылык жыйынтык алынды.

## Тышкы сектор

**Товарлардын тышкы соодасы**. Кыргыз Республикасынын *тышкы соода жүгүртүүсү* алдын ала маалыматтар боюнча (бажы статистикасынын маалыматтарынын негизинде) 2015-ж. январь-февралында 828,2 млн. АКШ долларын түздү жана 2014-ж. январь-февралына салыштырганда 13,4 пайызга азайды.

Экспорттук жөнөтүүлөр[1] 3,9 пайызга азайып, 247,2 млн. АКШ долларын түздү, бул КМШ өлкөлөрүнө товарларды ташуунун 32,9 пайызга төмөндөшү менен шартталды.

Импорттук түшүүлөр[2] 2014-ж. январь-февралынын деңгээлине салыштырмалуу 16,9 пайызга азайып, 581,0 млн. АКШ долларын түздү, бул КМШ өлкөлөрүнөн (5,2 пайызга) жана КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн (28,6 пайызга) болгон түшүүлөрдүн кыскарышынын эсебинен азайды.

[1] ФОБ баасы боюнча экспорт – экспортту жөнөтүүчү өлкөнүн чек арасына чейин жүктү жеткирүүгө кеткен бардык чыгымдарды жана анын наркын кошкондогу товардын баасы.

[2] СИФ баасы боюнча импорт – импортту жөнөтүүчү өлкөнүн чек арасына чейин камсыздоо жана транспорттоого кеткен бардык чыгымдарды жана анын наркын кошкондогу товардын баасы.

Товар жүгүртүү түзүмүндө экспорттун үлүшүнө 29,8 пайызы, импорттун үлүшүнө - 70,2 пайызы туура келди.

Евразия экономикалык биримдигине (ЕАЭБ) кирген өлкөлөрдүн республиканын тышкы соода жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүндөгү үлүшү 42,3 пайызды түздү же 350,6 млн. АКШ долларын түздү.

2015-жылдын январь-февралында соода балансы терс сальдо болуп түзүлүп, 333,8 млн. АКШ долларын түздү (2014-ж. январь-февралында - 441,8 млн. доллар).

Товарлардын экспортунун көлөмү алтынды эсептебегенде 28,8 пайызга азайып, 80,9 млн. долларды түздү.

**85-таблица: 2015-жылдын январь-февралындагы тышкы сооданын жүгүртүлүшү**

| | Тышкы соода жүгүртүү - бардыгы | | | анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | экспорт | | | импорт | | |
| | млн. АКШ дол-лары | мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | мурунку айга карата пайыз менен | млн. АКШ дол-лары | мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | мурунку айга карата пайыз менен | млн. АКШ дол-лары | мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | мурунку айга карата пайыз менен |
| **2014** | | | | | | | | | |
| Январь | 510,0 | 102,6 | 60,0 | 125,9 | 111,1 | 52,1 | 384,1 | 100,0 | 63,2 |
| Февраль | 446,0 | 103,6 | 87,5 | 131,2 | 2 эсе | 104,2 | 314,8 | 86,3 | 82,0 |
| Январь-февраль | 956,0 | 103,0 | - | 257,1 | 143,4 | - | 698,9 | 93,3 | - |
| **2015** | | | | | | | | | |
| Январь | 426,3 | 83,6 | 50,1 | 145,6 | 115,6 | 77,2 | 280,7 | 73,1 | 42,3 |
| Февраль | 401,9 | 90,1 | 94,3 | 101,6 | 77,4 | 69,8 | 300,3 | 95,4 | 107,0 |
| Январь-февраль | 828,2 | 86,6 | - | 247,2 | 96,1 | - | 581,0 | 83,1 | - |

Ушул жылдын январь-февралында республика дүйнөнүн 114 өлкөсү менен соода жүргүздү. Товарлар дүйнөнүн 56 өлкөсүнө жөнөтүлүп, ал эми товарларды алып келүү дүйнөнүн 108 өлкөсүнөн жүргүзүлдү.

Экспорттун негизги көлөмү Швейцарияга (экспорттун жалпы көлөмүнүн 53,1 пайызы), Бириккен Араб Эмиратына (12,6 пайызы), Казакстанга (10,9 пайызы), Өзбекстанга (3,7 пайызы), Россияга (5,6 пайызы) жана Түркияга (3,7 пайызы) багытталды.

2014-жылдын январь-февралы менен салыштырмалуу товарларды жөнөтүүлөрдүн эң чоң өсүүсү Швейцарияга - 3,5 эсе же 131,2 млн. АКШ доллары туура келди.

Ошол эле убакта Өзбекстанга (2,1 эсеге), Казакстанга (35,5 пайызга) жана Россияга (17,0 пайызга) товарларды ташуунун көлөмүнүн төмөндөшү байкалды.

Евразия экономикалык биримдигине кирген өлкөлөрдүн республиканын экспортунун жалпы көлөмүндөгү үлүшү 16,7 пайызды же 41,4 млн. АКШ долларын түздү.

Товарлар негизинен Россиядан (импорттун жалпы көлөмүнүн 34,7 пайызы), Кытайдан (20,9 пайызы), Казакстандан (17,3 пайызы), Түркиядан (4,1 пайызы) жана АКШдан (3,1 пайызы) импорттолду.

Импорттук түшүүлөрдүн көлөмүнүн төмөндөшү Түркиядан - 29,7 пайызга, Кытайдан - 9,3 пайызга жана Россиядан - 13,1 пайызга түшкөн товарлардын азайышы менен шартталды.

Евразия экономикалык биримдигине кирген өлкөлөрдүн республиканын импортунун жалпы көлөмүндөгү үлүшү 53,2 пайызды же 309,2 млн. АКШ долларын түздү.

**86-таблица: 2015-жылдын январь-февралындагы Кыргыз Республикасынын айрым өлкөлөр менен тышкы соода жүгүртүүсү**

| | Тышкы соода жүгүртүү - бардыгы | | анын ичинде | | | | Республиканын тышкы соода жүгүртүүсүндөгү салыштырма салмак |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | экспорт | | импорт | | |
| | млн. АКШ доллары | 2014 январь-февралына карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2014 январь-февралына карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2014 январь-февралына карата пайыз менен | |
| **Бардыгы** | **828,2** | **86,6** | **247,2** | **96,2** | **581,0** | **83,1** | **100,0** |
| **КМШ өлкөлөрү** | **387,9** | **89,6** | **54,8** | **67,1** | **333,1** | **94,8** | **46,8** |
| Азербайжан | 1,2 | 40,9 | 0,4 | 81,2 | 0,9 | 34,0 | 0,2 |
| Армения | 0,1 | 4,1 эсе. | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 28,3 эсе | 0,0 |
| Беларусь | 7,6 | 66,8 | 0,7 | 52,5 | 6,8 | 68,8 | 0,9 |
| Казакстан | 127,3 | 106,5 | 26,9 | 64,5 | 100,5 | 129,1 | 15,4 |
| Молдова | 2,0 | 4 эсе | 0,0 | 62,3 | 1,9 | 4,6 эсе | 0,2 |
| Россия | 215,6 | 86,7 | 13,8 | 83,0 | 201,8 | 86,9 | 26,0 |
| Тажикстан | 3,4 | 4,4 эсе | 3,0 | 6,8 эсе | 0,4 | 117,6 | 0,4 |
| Түркмөнстан | 1,1 | 87,0 | 0,8 | 67,3 | 0,3 | 3 эсе | 0,1 |
| Өзбекстан | 15,6 | 46,7 | 9,1 | 46,8 | 6,5 | 46,6 | 1,9 |
| Украина | 14,0 | 96,3 | 0,1 | 23,1 | 13,9 | 98,4 | 1,7 |
| **ЕАЭБ өлкөлөрү** | 350,6 | 92,4 | 41,4 | 69,3 | 309,2 | 96,6 | 42,3 |
| **КМШдан тышкаркы өлкөлөр** | **440,3** | **84,2** | **192,4** | **109,7** | **247,9** | **71,4** | **53,2** |
| **Европа** | | | | | | | |
| Швейцария | 136,4 | 3,4 эсе | 131,2 | 3,5 эсе | 5,2 | 1,5 эсе | 16,5 |
| Германия | 13,1 | 53,3 | 0,8 | 80,0 | 12,3 | 52,1 | 1,6 |
| Нидерланды | 3,7 | 97,4 | 0,0 | 0,0 | 3,7 | 100,0 | 0,4 |
| Бириккен Падышалыгы | 1,4 | 45,2 | 0,0 | 0,0 | 1,4 | 45,2 | 0,2 |
| Франция | 2,4 | 29,6 | 0,0 | 0,0 | 2,4 | 29,6 | 0,3 |
| Польша | 4,2 | 87,5 | 0,3 | 100,0 | 3,9 | 86,7 | 0,5 |
| Швеция | 2,5 | 92,6 | 0,0 | 0,0 | 2,5 | 92,6 | 0,3 |
| Бельгия | 3,0 | 115,4 | 1,4 | 0,0 | 1,6 | 61,5 | 0,4 |
| Австрия | 1,1 | 78,6 | 0,1 | 0,0 | 1,0 | 71,4 | 0,1 |
| Италия | 2,3 | 79,3 | 0,0 | 0,0 | 2,3 | 79,3 | 0,3 |
| Испания | 2,2 | 115,8 | 0,0 | 0,0 | 2,2 | 115,8 | 0,3 |
| Литва | 3,3 | 89,2 | 0,5 | 71,4 | 2,8 | 93,3 | 0,4 |
| Латвия | 1,2 | 100,0 | 0,2 | 0,0 | 1,0 | 83,3 | 0,1 |
| Эстония | 0,3 | 15,0 | 0,0 | 0,0 | 0,3 | 15,0 | 0,0 |
| **Азия** | | | | | | | |
| Кытай | 124,5 | 89,1 | 3,2 | 53,3 | 121,3 | 90,7 | 15,0 |
| Бириккен Араб Эмираты | 31,6 | 28,8 | 31,2 | 28,6 | 0,4 | 57,1 | 3,8 |
| Япония | 8,5 | 20,5 | 0,1 | 100,0 | 8,4 | 20,3 | 1,0 |
| Түркия | 32,9 | 73,1 | 9,2 | 81,4 | 23,7 | 70,3 | 4,0 |
| Корея Республикасы | 11,1 | 60,0 | 0,1 | 50,0 | 11,0 | 60,1 | 1,3 |
| Индия | 2,0 | 58,8 | 0,2 | 2 эсе | 1,8 | 54,5 | 0,2 |
| Иран | 2,0 | 83,3 | 1,4 | 2 эсе | 0,6 | 35,3 | 0,2 |
| **Америка** | | | | | | | |
| АКШ | 18,3 | 68,5 | 0,0 | 0,0 | 18,3 | 69,8 | 2,2 |
| Канада | 2,3 | 2,1 эсе | 0,0 | 0,0 | 2,3 | 2,1 эсе | 0,3 |

*Экспорттук жөнөтүүлөр.* 2015-жылдын январь-февралында экспорттун көлөмү 2014-ж. январь-февралына салыштырмалуу КМШ өлкөлөрүнө жөнөтүүлөрдүн эсебинен 26,9 млн. АКШ долларына азайып, 54,7 млн. долларын түздү, ал эми КМШдан тышкаркы өлкөлөрдө тескерисинче, 17,0 млн. долларга өсүп, 192,4 млн. АКШ долларын түздү.

Экспорттун көлөмүнүн азайышы жашылчалардын (6,0 млн. АКШ долларына), кийимдин жана кийим тиешелүү буюмдардын (5,0 млн. долларга), резина дөңгөлөктөрдүн (2,7 млн. долларга), керосиндин (2,5 млн. долларга) жөнөтүүлөрүнүн төмөндөшү менен шартталды, ошол эле убакта монетардык эмес алтынды жөнөтүүлөрүнүн көлөмү тескерисинче, 22,8 млн. долларга, органикалык эмес химиялык заттар - 1,4 млн. долларга жана жаңы үзүлгөн же кургатылган жаңгактар - 1,1 млн. долларга көбөйдү.

**87-таблица: 2015-жылдын январь-февралындагы товарлардын айрым түрлөрүнүн экспорту**

| | Жөнөтүлдү - бардыгы | | 2014 январь-февралына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | миң тонна | миң доллар | натуралай түрдө | нарктык түрдө |
| Мүйүздүү ири мал, миң баш | 0,4 | 266,6 | 62,4 | 54,1 |
| Сүт жана сүт азыктары | 3,8 | 3153,1 | 95,9 | 72,3 |
| Жашылчалар | 22,7 | 8806,9 | 53,9 | 59,4 |
| Жаңы үзүлгөн же кургатылган жаңгак | 1,7 | 3378,6 | 108,3 | 150,7 |
| Мөмө-жемиштер | 2,2 | 730,7 | 52,8 | 57,4 |
| Сигареталар, млн. даана | 107,7 | 2631,7 | 4 эсе | 3,8 эсе |
| Таттууланган алкоголсуз суусундуктар, миң л. | 235,8 | 135,7 | 77,7 | 60,3 |
| Ири мүйүздүү малдын териси, миң даана | 266,4 | 1017,9 | 118,1 | 1,6 эсе |
| Пахта буласы | 4,0 | 4842,4 | 90,3 | 80,4 |
| Легирленген болоттун сыныктары жана калдыктары | 0,1 | 41,1 | 5,2 | 27,9 |
| Металл сыныктары жана калдыктары | 6,7 | 391,7 | 133,7 | 102,9 |
| Таш көмүр | 10,6 | 320,3 | 103,1 | 84,2 |
| Бензин | 5,1 | 2343,1 | 21,3 эсе | 11,8 эсе |
| Керосин | 9,3 | 8521,0 | 92,2 | 77,4 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | - | 3791,3 | - | 1,6 эсе |
| Булгаары | 0,6 | 364,3 | 82,6 | 103,1 |
| Резина дөңгөлөктөрү, миң даана | 1,9 | 642,1 | 57,7 | 19,1 |
| Кагаз, картон жана андан жасалган буюмдар | 0,4 | 687,6 | 52,5 | 51,1 |
| Айнек, млн.кв.м. | 0,4 | 1019,8 | 61,1 | 52,9 |
| Күмүш | - | 845,6 | - | 110,3 |
| Кыртыш, таш жана кенди сорттоо, элөө, майдалоо үчүн машиналар, даана | 1 | 7,6 | 50,0 | 1,6 |
| Электр ысыткыч лампалары, млн. даана | 16,4 | 2211,3 | 60,3 | 53,5 |
| Жаңы жеңил автомобилдер, даана | 24 | 587,0 | 88,9 | 2,3 эсе |
| Мурун колдонулган автомобилдер, даана | 9 | 104,4 | 40,9 | 56,6 |
| Автомобилдин тетиктери жана калдыктары | - | 2707,5 | - | 79,3 |
| Кийим жана кийимге тиешелүү буюмдар | - | 5528,3 | - | 52,4 |
| Монетардык эмес алтын | - | 166250,4 | - | 115,9 |

## 11-график: Январь-февралдагы экспорттун товардык түзүмү

*(экспорттун жалпы көлөмүнө карата пайыз менен)*




## 12-график: Январь-февралдагы импорттун товардык түзүмү

*(импорттун жалпы көлөмүнө карата пайыз менен)*



Экспорттук жөнөтүүлөрдүн эң жогорку үлүшүн Швейцария (алтын - 130,5 млн. АКШ доллары), Бириккен Араб Эмираты (алтын - 30,5 млн. АКШ доллары), Казакстан (кийим жана кийимге тиешелүү буюмдар - 5,4 млн. доллар, жашылча жана мөмө-жемиштер - 2,1 млн. доллар), Өзбекстан (резинадан жасалган буюмдар - 0,7 млн. доллар), Россия (авиакеросин[1] - 5,7 млн. доллар, пахта - 3,7 млн. доллар) жана Түркия (жашылча менен мөмө-жемиштер - 5,7 млн. доллар, авиакеросин[1] - 1,8 млн. доллар) ээледи.

2015-жылдын февралында 2014-ж. февралына салыштырмалуу дары-дармектердин (2,1 эсеге), тамекинин (44,5 пайызга), мөмө-жемиш ширелеринин (42,6 пайызга), жана кагаз, картон жана андан жасалган буюмдардын (27,8 пайызга) экспорттук баалары төмөндөдү.

Муну менен катар этке жана тамак-аш субпродуктуларына (3,5 эсеге), жеңил автомобилдерге (2,2 эсеге), чайга (2,1 эсеге) жана жаңы үзүлгөн же кургатылган жаңгактарга (1,6 эсеге) болгон баалардын жогорулашы байкалды.

**88-таблица: Айрым экспорттук товарлардын орточо анык бааларынын деңгээли**

| | 2015 февралда 1 тоннанын орточо анык баасы | | 2015 февралы пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2015 январына карата | | 2014 февралына карата | |
| | сом | доллар | сом | доллар | сом | доллар |
| Эт жана тамак-аш субпродуктулары | 172615,4 | 2825,2 | 40,4 | 39,6 | 4,1 эсе | 3,5 эсе |
| Нан жана нан азыктары | 323598,3 | 5294,5 | 3 эсе | 2,9 эсе | 97,1 | 83,3 |
| Жашылчалар | 21687,2 | 356,4 | 85,2 | 83,6 | 126,1 | 106,7 |
| Мөмө-жемиштер | 19702,1 | 324,9 | 98,3 | 96,8 | 97,3 | 82,7 |
| Мөмө-жемиш ширелери | 48774,7 | 801,3 | 72,9 | 71,8 | 67,7 | 57,4 |
| Жаңы үзүлгөн же кургатылган жаңгак | 129914,5 | 2141,7 | 120,6 | 118,7 | 1,9 эсе | 1,6 эсе |
| Чай | 283684,2 | 4675,8 | 97,2 | 94,8 | 2,6 эсе | 2,1 эсе |
| Тамеки | 28592,6 | 469,6 | 19,4 | 19,0 | 65,2 | 55,5 |
| Жездин сыныктары жана калдыктары | 48872,4 | 804,8 | 105,0 | 103,0 | 92,1 | 78,1 |
| Алюминийдин сыныктары жана калдыктары | 18118,7 | 298,3 | 120,4 | 118,6 | 101,9 | 86,8 |
| Таш көмүр | 1827,8 | 30,0 | 100,6 | 98,8 | 103,9 | 88,0 |
| Керосин | 59251,7 | 968,8 | 110,8 | 108,4 | 99,2 | 83,0 |
| Дары-дармектер | 1816625,0 | 29662,5 | 60,1 | 58,5 | 55,6 | 46,4 |
| Кагаз, картон жана андан жасалган буюмдар | 72936,4 | 1199,7 | 61,1 | 60,0 | 85,3 | 72,2 |
| Электр ысыткыч лампалары, даана | 7,5 | 0,1 | 83,3 | 82,1 | 93,8 | 80,5 |
| Жаңы жеңил автомобилдер, даана | 1237044,4 | 20358,6 | 57,1 | 55,4 | 2,5 эсе | 2,2 эсе |
| Мурун колдонулган автомобилдер, даана | 754950,0 | 12425,9 | 2,5 эсе | 2,5 эсе | 1,5 эсе | 126,5 |

*Импорттук түшүүлөр.* КМШ өлкөлөрүнөн келген импорттун көлөмү 2015-ж. январь-февралында 2014-ж. январь-февралына салыштырмалуу 18,4 млн. АКШ долларына төмөндөп, 333,1 млн. долларды же импорттун жалпы көлөмүнүн 57,3 пайызын түздү, ал эми КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн келип түшүүлөрдүн көлөмү 99,5 млн. долларга кыскарып, 247,8 млн. долларды (42,7 пайыз) түздү.

Импорттун көлөмүнүн төмөндөшү жерде жүрүүчү, аба жана суу транспорт каражаттарынын (57,7 млн. долларга), химиялык жана ага байнаныштуу өнөр жай тармактарынын продукциялары (30,7 млн. долларга), текстиль жана текстиль буюмдарынын (16,6 млн. долларга), пластмасса жана андан жасалган буюмдарынын (16,6 млн. долларга), пластмасса жана андан жасалган буюмдар (7,6 млн. долларга), ошондой эле жыгач жана андан жасалган буюмдарынын (7,6 млн. долларга) түшүүлөрүнүн кыскарышы менен шартталды.

[1]Кыргыз Республикасынын аймагындагы чет өлкөлүк авиакомпанияларга сатылган авиакеросин.

**89-таблица: 2015-жылдын январь-февралындагы товарлардын айрым түрлөрүнүн импорту**

| | Түштү - бардыгы | | 2014 январь-февралына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | миң тонна | миң доллар | миң тонна | миң доллар |
| Эт жана тамак-аш субпродуктулары | 9,8 | 15207,3 | 102,9 | 104,9 |
| Сүт жана сүт азыктары | 1,3 | 1815,1 | 96,7 | 90,9 |
| Буудай | 59,8 | 12017,9 | 114,2 | 117,8 |
| Күрүч | 2,8 | 1526,1 | 97,6 | 96,6 |
| Буудай уну | 4,6 | 1406,1 | 51,1 | 59,5 |
| Нан жана нан азыктары | 2,7 | 4252,3 | 130,6 | 101,4 |
| Мөмө-жемиштер | 4,6 | 3970,0 | 64,3 | 65,2 |
| Мөмө-жемиш ширелери | 0,4 | 338,2 | 106,1 | 91,0 |
| Ак кант | 12,9 | 7848,6 | 2,6 эсе. | 2,1 эсе. |
| Таттууланган алкоголсуз суусундуктар, миң л | 5748,1 | 3445,9 | 111,1 | 97,4 |
| Вино, миң л | 212,4 | 279,2 | 75,4 | 68,8 |
| Сыра, млн. л | 1,4 | 744,2 | 93,6 | 62,1 |
| Коньяк, миң л 100% спирт | 8,6 | 238,2 | 5,7 эсе | 2,3 эсе. |
| Арак, миң л 100% спирт | 36,1 | 269,0 | 46,5 | 35,6 |
| Сигарета жана сигаралар, млн. даана | 922,0 | 10065,2 | 52,2 | 119,7 |
| Таш көмүр | 267,8 | 8465,5 | 1,5 эсе | 144,7 |
| Бензин | 63,6 | 32897,3 | 72,1 | 58,1 |
| Керосин | 6,8 | 4972,1 | 52,9 | 42,0 |
| Дизель майы | 29,8 | 15457,0 | 37,8 | 25,7 |
| Майлоочу мунайзат майлары | 1,0 | 1422,2 | 52,4 | 34,0 |
| Суюктукка айландырылган газ | 3,3 | 968,1 | 143,2 | 95,7 |
| Жаратылыш газы, млн. $м^3$ | 80,9 | 13356,1 | 118,6 | 74,8 |
| Өсүмдүк майы | 8,1 | 8239,5 | 132,2 | 112,1 |
| Сырлар жана лактар, суу боектор | 1,3 | 1323,6 | 1,9 эсе | 133,5 |
| Дары-дармектер | 0,3 | 12619,2 | 38,3 | 58,0 |
| Самын, жуугуч жана жылмалагыч препараттар | 4,4 | 5124,7 | 72,3 | 18,1 |
| Жер семирткичтер | 8,3 | 3029,7 | 22,2 | 23,7 |
| Резина дөңгөлөктөрү, миң даана | 66,5 | 3169,3 | 35,7 | 41,9 |
| Жыгач, млн. $м^3$ | 15,0 | 3318,5 | 103,5 | 62,0 |
| Кагаз, картон жана андан жасалган буюмдар | 8,7 | 10925,9 | 123,0 | 96,1 |
| Пахта кездемелер, миң $м^2$ | 756,5 | 167,6 | 49,7 | 42,8 |
| Айнек, миң $м^2$ | 62,7 | 185,8 | 113,8 | 93,4 |
| Кара металлдар киреси | 13,6 | 9907,3 | 94,5 | 82,1 |
| Калың зым, катанка жана бурчтар | 32,2 | 15529,9 | 1,7 эсе | 128,5 |
| Жаңы жеңил автомобилдер, даана | 312 | 5420,1 | 63,4 | 55,3 |
| Эмерек | - | 1569,1 | - | 50,9 |
| Кийим жана кийимге тиешелүү буюмдар | - | 10615,4 | - | 49,1 |
| Бут кийим | - | 4479,9 | - | 86,1 |
| Атайын, илимий жана контролдук аспаптар | - | 5234,5 | - | 122,8 |

Импорттук түшүүлөрдө негизги өнөктөш өлкөлөр Россия (мунайзат жана мунайзат продуктулары - 111,2 млн. АКШ долларына, чоюн жана болот -17,6 млн. долларга), Казакстан (дан өсүмдүктөрү жана алардан алынган азыктар - 14,3 млн. долларга, жаратылыш газы - 12,0 млн. долларга), Түркия (кийим жана кийимге тиешелүү буюмдар - 2,2 млн. долларга, текстиль жип, кездемелер, даяр буюмдар - 2,1 млн. долларга) жана Кытай (кийим жана кийимге тиешелүү буюмдар - 7,4 млн. долларга, чоюн жана болот - 10,6 млн. долларга) болуп эсептелди.

2015-жылдын февралында 2014-ж. февралына салыштырмалуу жаны женил автомобилдерге (31,9 пайызга), резина дөнгөлөктөрүнө (12,4 пайызга) жана жер семирткичтерге (12,2 пайызга) болгон орточо анык импорттук баалардын кыйла жогорулашы белгиленди.

Муну менен катар самын, жуугуч жана жылмалагыч препараттарга (4,5 эсеге), жаратылыш газына (33,6 пайызга), мөмө-жемиш ширелерине (36,6 пайызга) жана сырага (33,4 пайызга) болгон импорттук баалардын төмөндөшү байкалды.

**90-таблица: Айрым импорттук товарлардын орточо анык бааларынын деңгээли**

| | 2015 февралына 1 тоннанын орточо анык баасы | | 2015 февралы пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2015 январына карата | | 2014 февралына карата | |
| | сом | доллар | сом | доллар | сом | доллар |
| Эт жана тамак-аш субпродуктулары | 87602,9 | 1442,6 | 89,1 | 87,6 | 111,4 | 94,4 |
| Сүт жана сүт азыктары | 92401,4 | 1521,8 | 124,5 | 121,9 | 113,3 | 95,9 |
| Буудай | 12299,2 | 202,3 | 103,9 | 101,6 | 122,0 | 103,4 |
| Күрүч | 32391,0 | 531,9 | 99,1 | 96,6 | 114,7 | 96,9 |
| Буудай уну | 16464,2 | 270,7 | 67,6 | 65,6 | 122,8 | 103,9 |
| Нан жана нан азыктары | 96671,9 | 1589,2 | 100,0 | 98,0 | 91,5 | 77,3 |
| Мөмө-жемиш ширелери | 36582,7 | 601,7 | 69,5 | 68,4 | 74,4 | 63,4 |
| Ак кант | 36582,7 | 601,7 | 99,0 | 97,1 | 96,8 | 81,8 |
| Шоколад жана какао кошулган тамак-аш азыктары | 162481,0 | 2672,1 | 108,2 | 106,2 | 96,1 | 81,3 |
| Чай | 117453,3 | 1938,6 | 105,6 | 103,8 | 112,0 | 95,9 |
| Таттууланган алкоголсуз суусундуктар, л | 37,0 | 0,6 | 106,0 | 104,1 | 108,2 | 91,8 |
| Вино, л | 149,7 | 2,5 | 2,3 эсе | 2,2 эсе | 116,0 | 98,8 |
| Сыра, л | 33,9 | 0,6 | 111,9 | 109,3 | 79,0 | 66,6 |
| Арак, л 100 % спирт | 37,0 | 0,6 | 106,0 | 104,1 | 108,2 | 91,8 |
| Сигарета жана сигаралар, мин даана | 698,6 | 11,5 | 117,9 | 116,1 | 111,8 | 95,0 |
| Таш көмүр | 1894,7 | 31,3 | 99,3 | 97,4 | 114,3 | 97,2 |
| Бензин | 31280,4 | 515,3 | 90,2 | 87,5 | 93,5 | 79,8 |
| Керосин | 42423,6 | 696,3 | 95,6 | 94,0 | 88,7 | 75,6 |
| Дизель майы | 31457,0 | 518,6 | 102,8 | 99,8 | 82,8 | 70,1 |
| Жаратылыш газы | 10113,2 | 165,0 | 102,5 | 100,0 | 74,1 | 63,4 |
| Өсүмдүк майы | 61581,9 | 1013,8 | 101,3 | 99,3 | 104,9 | 88,7 |
| Сырлар жана лактар, суу боёктор | 94546,0 | 1556,1 | 1,9 эсе | 1,9 эсе | 111,4 | 94,3 |
| Самын, жуугуч жана жылмалагыч препараттар | 68664,5 | 1129,7 | 96,2 | 94,2 | 26,4 | 22,4 |
| Жер семирткичтер | 22183,5 | 364,0 | 102,7 | 99,3 | 132,4 | 112,2 |
| Резина дөңгөлөктөрү, даана | 2302,6 | 37,9 | 73,0 | 71,7 | 132,7 | 112,4 |
| Кагаз, картон жана андан жасалган буюмдар | 79588,2 | 1307,8 | 109,8 | 107,4 | 91,2 | 77,1 |
| Кара металлдар киреси | 40800,7 | 672,0 | 86,7 | 85,2 | 95,7 | 81,4 |
| Калың зым, катанка жана бурчтар | 29629,2 | 487,9 | 104,7 | 102,9 | 89,8 | 76,3 |
| Жаңы жеңил автомобилдер, даана | 992176,7 | 16299,6 | 85,0 | 83,2 | 1,6 эсе | 131,9 |
| Жыгач эмеректер | 7135,7 | 117,5 | 3 эсе | 3 эсе | 123,4 | 104,5 |

**Валюталардын курсу**. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын маалыматтары боюнча 2014-ж. январь-мартка салыштырмалуу 2015-ж. январь-мартын АКШ долларынын расмий курсу 17,2 пайызга, казак теңгеси 10,8 пайызга, өзбек суму 6,1 пайызга өсүшү байкалды.

Сомго карата Россия рублинин курсу 32,5 пайызга жана евронун курсу 3,4 пайызга төмөндөдү.

2015-жылдын марты менен салыштырмалуу 2015-ж. мартында сомго карата казак теңгесинин расмий курсунун (11,3 пайызга), Россия рублинин (9,8 пайызга), АКШ долларынын (2,4 пайызга) жана өзбек сумунун (1,2 пайызга) өсүшү белгиленди, буга евро (2,3 пайызга төмөндөгөн) кирбейт.

Үстүбүздөгү жылдын марттын акыркы күнүнө карата доллардын наркы 63,87 сомду, евро 69,37 сомду, Россия рубли 1,09 сомду, казак тенгеси 0,34 сомду түздү.

**91-таблица: Айрым чет өлкөлүк валюталардын орточо айлык курсунун өзгөрүлүшү**

| | 2015 январь-март | | | 2015 март | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | валюта бирдиги үчүн сом | пайыз менен | | валюта бирдиги үчүн сом | пайыз менен | |
| | | 2014 январь-мартка карата | 2014 декабрына карата | | 2015 февралга карата | 2014 декабрына карата |
| АКШ доллары | 60,82 | 117,2 | 104,7 | 62,20 | 102,4 | 107,1 |
| Евро | 68,77 | 96,6 | 96,0 | 67,49 | 97,7 | 94,2 |
| Россия рубли | 0,98 | 67,5 | 93,0 | 1,03 | 109,8 | 98,3 |
| Казак теңгеси | 0,34 | 110,8 | 106,2 | 0,37 | 111,3 | 114,4 |
| Өзбек суму | 0,02 | 106,1 | 102,9 | 0,02 | 101,2 | 104,1 |

## Социалдык сектор

**Демографиялык кырдаал** Республиканын туруктуу калкынын саны 2015-ж. январь-февралында 20,2 миң адамга же 0,3 пайызга көбөйдү жана 2015-ж. 1-мартына карата 5 млн. 915 миң адамды түздү.

**92-таблица: 2015-жылдагы туруктуу калктын санынын аймактар боюнча өзгөрүлүшү**
*(миң адам)*

| | Калктын саны | | Жалпы өсүү | |
|---|---|---|---|---|
| | 1-январга карата | 1-мартка карата | миң адам | пайыз менен |
| **Кыргыз Республикасы** | **5895,1** | **5915,3** | **20,2** | **0,3** |
| Баткен облусу | 480,7 | 482,8 | 2,1 | 0,4 |
| Жалал-Абад облусу | 1122,4 | 1126,2 | 3,8 | 0,3 |
| Ысык-Көл облусу | 463,9 | 464,7 | 0,8 | 0,2 |
| Нарын облусу | 274,5 | 275,0 | 0,5 | 0,2 |
| Ош облусу | 1228,4 | 1233,8 | 5,4 | 0,4 |
| Талас облусу | 247,2 | 247,9 | 0,7 | 0,3 |
| Чүй облусу | 870,3 | 873,0 | 2,7 | 0,3 |
| Бишкек ш. | 937,4 | 940,7 | 3,3 | 0,4 |
| Ош ш. | 270,3 | 271,2 | 0,9 | 0,3 |

2015-жылдын январь-февралында ЖААК органдарында 26,6 миң жаңы төрөлгөндөр же калктын 1000ине алганда 27,9 (2014-ж. январь-февралында - 27,3), 5,9 миң өлгөндөр же калктын 1000ине алганда 6,2 (2014-ж. январь-февралында - 6,7) катталды. Натыйжада калктын табигый өсүүсү 20,7 миң адамды же калктын 1000ине 21,7ни (2014-ж январь-февралында – 20,6) түздү. Бир жашка чейинки 444 бала чарчап калды же тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине алганда 16,7 (2014-ж. январь-февралында - 21,7) болду.

**93-таблица: Январь-февралдагы калктын табигый кыймылы**

| | Адам | | Калктын 1000ине[1] | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 | 2015 2014 карата пайыз менен |
| Төрөлгөндөр (тирүү) | 25536 | 26593 | 27,3 | 27,9 | 102,2 |
| Өлгөндөр | 6272 | 5906 | 6,7 | 6,2 | 92,5 |
| анын ичинен 1 жашка чейинки балдар | 553 | 444 | 21,7[2] | 16,7[2] | 77,0 |
| Калктын табигый өсүүсү | 19264 | 20687 | 20,6 | 21,7 | 105,3 |
| Никелешүүлөр, бирдик | 9173 | 8515 | 9,8 | 8,9 | 90,8 |
| Ажырашуулар, бирдик | 1563 | 1397 | 1,7 | 1,5 | 88,2 |

[1] Бул жерде жана мындан ары айлык ыкчам отчеттуулук көрсөткүчтөрү (буга наристелердин өлүмү кирбейт) бир жылга карата кайра эсептелип берилди, б.а. калыптанган кырдаал бир жылдын ичинде өзгөрүлбөсө, көрсөткүчтөр ошол бойдон калат.

[2] Тирүү төрөлгөндөрдүн 1000ине карата.

Калктын табигый өсүүсүнүн эң жогорку деңгээли 2015-ж. январь-февралында Ош, Баткен, Жалал-Абад жана Талас облустарында, ал эми эң төмөнкү деңгээли Ысык-Көл, Чүй жана Нарын облустарында белгиленди.

**94-таблица: Январь-февралдагы калктын табигый өсүүсү**

| | Адам | | Калктын 1000ине | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 | 2015 2014 карата пайыз менен |
| **Кыргыз Республикасы** | **19264** | **20687** | **20,6** | **21,7** | **105,3** |
| Баткен облусу | 1974 | 2169 | 25,9 | 27,9 | 107,7 |
| Жалал-Абад облусу | 4005 | 4090 | 22,5 | 22,5 | 100,0 |
| Ысык-Көл облусу | 1115 | 1089 | 15,0 | 14,5 | 96,7 |
| Нарын облусу | 760 | 724 | 17,3 | 16,3 | 94,2 |
| Ош облусу | 4764 | 5667 | 24,5 | 28,5 | 116,3 |
| Талас облусу | 870 | 897 | 22,1 | 22,4 | 101,4 |
| Чүй облусу | 2131 | 2358 | 15,5 | 16,8 | 108,4 |
| Бишкек ш. | 2754 | 2730 | 18,5 | 18,0 | 97,3 |
| Ош ш. | 891 | 963 | 20,8 | 22,0 | 105,8 |

Өлгөндөрдүн жалпы санынын учурларынын жарымынан көбүнө (52 пайызына) кан айлануу системасынын оорулары, 11 пайызына шишик оорулары, 9 пайызына өлүмдүн тышкы себептери, 7 пайызына тамак сиңирүү органдарынын оорулары, 6 пайызына дем алуу органдарынын оорулары туура келди.

**95-таблица: Январь-февралдагы өлгөн адамдардын санынын өлүмдүн себептери боюнча бөлүнүшү**

| | Адам | | | Калктын 1000ине | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | өсүү (+), төмөндөө (-) | 2014 | 2015 | 2015 2014 карата пайыз менен |
| **Өлгөн адамдардын бардыгы** | **6272** | **5906** | **-366** | **670,6** | **618,7** | **92,5** |
| анын ичинен төмөнкүлөрдөн: | | | | | | |
| кан айлануу системасынын оорулары | 3239 | 3061 | -178 | 346,3 | 320,7 | 92,6 |
| дем алуу органдарынын оорулары | 423 | 328 | -95 | 45,2 | 34,4 | 76,1 |
| шишик оорулары | 640 | 643 | 3 | 68,4 | 67,4 | 98,5 |
| өлүмдүн тышкы себептери | 561 | 521 | -40 | 60,0 | 54,6 | 91,0 |
| анын ичинен төмөнкүлөрдөн: | | | | | | |
| транспорттук жаракат алуулар (бардык түрү) | 147 | 145 | -2 | 15,7 | 15,2 | 96,8 |
| кокустан алкоголдон уулануу | 54 | 67 | 13 | 5,8 | 7,0 | 120,7 |
| өзүн-өзү өлтүрүү | 94 | 66 | -28 | 10,1 | 6,9 | 68,3 |
| өлтүрүү | 37 | 42 | 5 | 4,0 | 4,4 | 110,0 |
| тамак сиңирүү органдарынын оорулары | 390 | 404 | 14 | 41,7 | 42,3 | 101,4 |
| айрым жугуштуу жана мите оорулары | 150 | 123 | -27 | 16,0 | 12,9 | 80,6 |
| кош бойлуу кезде, төрөт учурунда жана төрөгөндөн кийинки мезгилде татаалдануулар | 12 | 7 | -5 | 47,0[1] | 26,3[1] | 56,0 |

[1]Тирүү төрөлгөн 100 миң балага эсептегенде өлгөн аялдардын саны.

Наристелердин өлүмүнүн негизги себептери перинаталдык мезгилде (төрөлгөндөн кийинки) пайда болгон абалдар болуп эсептелет, мындан 2015-ж. январь-февралында 310 бала өлгөн же бир жашка чейинки өлгөн наристелердин жалпы санынын 70 пайызын түзгөн, өрчүүнүн туубаса кемтигинен 69 наристе (16 пайыз), дем алуу органдарынын ооруларынан 41 бала (9 пайыз) өлгөн.

**96-таблица: Январь-февралдагы бир жашка чейинки өлгөн балдардын санынын өлүмдүн себептери боюнча бөлүнүшү**

| | Адам | | | Төрөлгөндөрдүн (тирүү) 10 миңине | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | өсүү (+), төмөндөө (-) | 2014 | 2015 | 2015 2014 карата пайыз менен |
| **Бардыгы** | **553** | **444** | **-109** | **216,6** | **167,0** | **77,0** |
| анын ичинен төмөнкүлөрдөн: | | | | | | |
| перинаталдык (төрөлгөндөн кийинки) мезгилде пайда болгон айрым абалдар | 359 | 310 | -49 | 140,6 | 116,6 | 82,9 |
| дем алуу органдарынын оорулары | 86 | 41 | -45 | 33,7 | 15,4 | 45,7 |
| тукум куучу бузулуулар (өрчүү оорулары), деформация жана хромосомалык бузулуулар | 68 | 69 | 1 | 26,6 | 25,9 | 97,4 |
| айрым жугуштуу жана мите оорулары | 16 | 6 | -10 | 6,3 | 2,3 | 36,5 |
| нерв системасынын оорулары | 5 | 3 | -2 | 2,0 | 1,1 | 55,0 |
| өлүмдүн тышкы себептери | 13 | 6 | -7 | 5,1 | 2,3 | 45,1 |

2015-жылдын январь-февралында республикага туруктуу жашоо үчүн 0,7 миң адам келсе, кеткендердин саны 1,2 миң адам болгон, калктын миграциялык агымы -0,5 миң адамды (2014-ж. январь-февралында - 0,6 мин) түздү. 2014-ж. январь-февралына салыштырганда калктын миграциялык активдүүлүгүнүн төмөндөшү байкалды. Мунун менен бирге калктын ички республикалык миграциясынын көлөмү бир аз көбөйгөндүгү белгиленди.

**97-таблица: Январь-февралдагы калктын миграциясынын көрсөткүчтөрү**

| | Адам | | Калктын 10 миңине | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 | 2015 2014 карата пайыз менен |
| **Миграция - бардыгы** | | | | | |
| келгендердин саны | 6221 | 6266 | 10,7 | 10,6 | 99,1 |
| кеткендердин саны | 6824 | 6756 | 11,8 | 11,4 | 96,6 |
| миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) | -603 | -490 | -1,1 | -0,8 | 72,7 |
| анын ичинде: | | | | | |
| **Тышкы миграция** | | | | | |
| келгендердин саны | 712 | 714 | 1,2 | 1,2 | 100,0 |
| кеткендердин саны | 1315 | 1204 | 2,3 | 2,0 | 87,0 |
| миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) | -603 | -490 | -1,1 | -0,8 | 72,7 |
| **Ички республикалык миграция** | | | | | |
| келгендердин саны | 5509 | 5552 | 9,5 | 9,4 | 98,9 |
| кеткендердин саны | 5509 | 5552 | 9,5 | 9,4 | 98,9 |
| миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) | - | - | - | - | - |
| алардын ичинен: | | | | | |
| **Облустар аралык миграция** | | | | | |
| келгендердин саны | 3763 | 3674 | 6,5 | 6,2 | 95,4 |
| кеткендердин саны | 3763 | 3674 | 6,5 | 6,2 | 95,4 |
| миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) | - | - | - | - | - |
| **Ички облустук миграция** | | | | | |
| келгендердин саны | 1746 | 1878 | 3,0 | 3,2 | 106,7 |
| кеткендердин саны) | 1746 | 1878 | 3,0 | 3,2 | 106,7 |
| миграциялык өсүү, кетүү агымы (-) | - | - | - | - | - |

Тышкы миграция боюнча кетүүнүн эң жогорку интенсивдүүлүгү Чүй облусунда (10 миң тургунга 4 адам), бир аз төмөн Талас облусунда жана Бишкек шаарында (10 миң тургунга 3 адамдан) байкалды.

**98-таблица: Январь-февралдагы калктын тышкы миграциясынын аймактар боюнча жыйынтыгы**
*(адам)*

| | 2014 | | | | 2015 | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | келген-дер | кеткендер | | миграция-лык өсүү, кетүү агымы (-) | келген-дер | кеткендер | | миграция-лык өсүү, кетүү агымы (-) |
| | | бар-дыгы | калк тын 10 миңине | | | бар-дыгы | калк тын 10 миңине | |
| **Кыргыз Республикасы** | **712** | **1315** | **2,3** | **-603** | **714** | **1204** | **2,0** | **-490** |
| Баткен облусу | 66 | 98 | 2,1 | -32 | 57 | 65 | 1,3 | -8 |
| Жалал-Абад облусу | 98 | 108 | 1,0 | -10 | 49 | 92 | 0,8 | -43 |
| Ысык-Көл облусу | 20 | 84 | 1,8 | -64 | 20 | 85 | 1,8 | -65 |
| Нарын облусу | 2 | 9 | 0,3 | -7 | 4 | 10 | 0,4 | -6 |
| Ош облусу | 99 | 137 | 1,1 | -38 | 68 | 138 | 1,1 | -70 |
| Талас облусу | 30 | 78 | 3,2 | -48 | 31 | 85 | 3,4 | -54 |
| Чүй облусу | 210 | 418 | 4,9 | -208 | 227 | 368 | 4,2 | -141 |
| Бишкек ш. | 126 | 330 | 3,6 | -204 | 219 | 313 | 3,3 | -94 |
| Ош ш. | 61 | 53 | 2,0 | 8 | 39 | 48 | 1,8 | -9 |

**Калктын жугуштуу жана мите оору-сыркоолору.** 2015-жылдын мартында Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматтары боюнча курч респиратордук-вирустук инфекциясын кошкондо, жугуштуу жана мите оорулары менен 28,4 миң илдет катталды. 2014-жылдын март айына салыштырганда (калктын 100 миңине эсептегенде) вирустук гепатит оорусу - 1,7 эсеге, котур - 1,5 эсеге, эхинококкоз - 1,4 эсеге, сифилис - 1,3 эсеге, АИВ-инфекциясы - 18,2 пайызга, гонорея - 14,3, курч ичеги инфекциясы -8,1 жана кургак учук - 5,6 пайызга төмөндөгөндүгү байкалды.

2015-жылдын январь-мартында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу вирустук гепатит жана сифилис (1,7 эсеге), котур (1,4 эсеге), бруцеллез (1,3 эсеге) ооруларынын кыйла азайышы белгиленди. Жугуштуу жана мите ооруларынын түзүмүндө курч респиратордук-вирустук инфекциялар мурдагыдай эле (69 пайызга көп) басымдуулук кылууда.

Ошол эле убакта ү.ж. январь-мартында эпидемиологиялык абал бактериялык менингит (7 эсеге) жана эпидемиялык сакоо (1,3 эсеге) ооруларынын олуттуу өсүүсү менен мүнөздөлдү. Кызамык оорусунун жогорку деңгээли - калктын 100 миңине эсептегенде 182 учур (же 10,6 миң адам) сакталып калды, ал эми өткөн жылдын тийиштүү мезгилинде бир дагы учур катталган эмес.

**99-таблица: Январь-марттагы айрым жугуштуу жана мите оорулар менен калктын оору-сыркоосу**
*(калктын 100 миңине)*

| | Бардыгы, учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| Вирустук гепатит | 64,7 | 38,8 | 61,4 | 60,0 |
| АИВ инфекциясы | 2,6 | 2,4 | 1,3 эсе | 92,3 |
| Курч ичеги инфекциясы | 46,6 | 42,4 | 104,7 | 91,0 |
| Эхинококкоз | 5,9 | 4,8 | 1,4 эсе | 81,4 |
| Котур | 4,5 | 3,2 | 100,4 | 71,1 |
| Эпидемиялык сакоо | 3,1 | 4,3 | 1,4 эсе | 1,4 эсе |
| Бруцеллез | 3,4 | 2,6 | 68,5 | 76,5 |
| Кургак учук | 23,3 | 23,3 | 100,7 | 100,0 |
| Курч респиратордук-вирустук инфекция | 968,7 | 1024,8 | 103,8 | 105,8 |
| Бактериялык менингит | 0,3 | 2,1 | 82,6 | 7 эсе |
| Сифилис | 2,9 | 1,7 | 122,9 | 58,6 |
| Педикулез | 0,7 | 0,7 | 3,2 эсе | 100,0 |
| Сасык тумоо | 6,4 | 5,7 | 127,1 | 89,1 |

## 13-график: Январь-марттагы калктын айрым оору-сыркоосунун түрлөрү

*(ирет)*




## 14-график: Январь-марттагы катталган кылмыштардын саны

*(ирет)*



Жугуштуу жана мите ооруларынын айрым түрлөрүнүн оору-сыркоосун талдоонун натыйжасында 2015-ж. январь-мартында 2014-ж. тийиштүү мезгилине салыштырмалуу бир нече аймактык айырмачылыктар табылды. Ошентип, бруцеллез оорусунун жалпы төмөндөшү менен бирге (1,3 эсеге), анын өсүүсү Нарын (3,6 эсеге) жана Баткен (1,3 эсеге) облустарында, ошондой эле Бишкек шаарында байкалды. Жалпы республика боюнча аныкталган козгогучтарды алып келген гастроэнтериттер, колиттер ооруларынын төмөндөшү менен (6,3 пайызга), Ысык-Көл (1,8 эсеге өстүү) жана Жалал-Абад (1,3 эсеге) облустарында ыңгайсыз абал түзүлдү. Бактериялык дизентерия оорусунун кыйла өсүүсү Ысык-Көл (4,9 эсеге), Талас (2,3 эсеге), Жалал-Абад (1,4 эсеге) жана Чүй (1,3 эсеге) облустарында белгиленди.

**100-таблица: 2015-жылдын январь-марттындагы калктын аймактар боюнча жугуштуу жана мите ооруларынын айрым түрлөрү менен оору-сыркоосу**

*(өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен; калктын 100 миңине)*

| | Кургак учук | Бактериялык дизентерия | Бруцеллез | Вирустук гепатит | Аныкталган козгогучтарды алып келген гастроэнтериттер, колиттер | АИВ инфекциясы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **100,0** | **110,8** | **76,5** | **59,8** | **82,9** | **92,3** |
| Баткен облусу | 97,7 | 24,4 | 1,3 эсе | 83,4 | 50,1 | 29,3 |
| Жалал-Абад облусу | 80,1 | 1,4 эсе | 77,2 | 50,9 | 84,2 | 1,6 эсе |
| Ысык-Көл облусу | 65,9 | 4,9 эсе | 70,6 | 34,9 | 1,8 эсе | 69,2 |
| Нарын облусу | 106,4 | 98,8 | 3,6 эсе | 25,7 | 98,8 | 98,8 |
| Ош облусу | 116,9 | - | 53,3 | 82,5 | 61,8 | 79,1 |
| Талас облусу | 79,2 | 2,3 эсе | 6,0 | 100,0 | 78,1 | 49,2 |
| Чүй облусу | 106,6 | 1,3 эсе | 90,0 | 36,7 | 87,4 | 80,1 |
| Бишкек ш. | 106,6 | 122,6 | 1,4 эсе | 51,2 | 39,9 | 109,9 |
| Ош ш. | 96,5 | 42,1 | 114,5 | 79,2 | 78,8 | 107,1 |

Жалпы республика боюнча жугуштуу жана мите ооруларынын өсүүсү менен катар анын төмөндөшү Баткен жана Ош облустарында белгиленди.

**101-таблица: Январь-марттагы калктын аймактар боюнча жугуштуу жана мите оорулары менен оору-сыркоосу**

*(калктын 100 миңине)*

| | Бардыгы, учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кыргыз Республикасы** | **1290,5** | **1479,0** | **99,1** | **114,6** |
| Баткен облусу | 1641,5 | 1599,2 | 104,1 | 97,4 |
| Жалал-Абад облусу | 814,8 | 923,6 | 100,7 | 113,3 |
| Ысык-Көл облусу | 1281,3 | 1680,1 | 108,1 | 1,3 эсе |
| Нарын облусу | 645,1 | 718,5 | 71,3 | 111,4 |
| Ош облусу | 475,1 | 431,3 | 99,1 | 90,8 |
| Талас облусу | 1217,8 | 1808,6 | 110,0 | 1,5 эсе |
| Чүй облусу | 1691,4 | 1797,1 | 98,7 | 106,2 |
| Бишкек ш. | 2549,5 | 3149,4 | 98,8 | 123,5 |
| Ош ш. | 1439,3 | 1644,1 | 87,2 | 114,2 |

**Кылмыштуулук.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин маалыматтары боюнча 2015-ж. январь-мартында 7,6 миң кылмыш иши катталган, булардын саны 2014-ж. январь-мартына салыштырганда 14.7 пайызга көбөйдү. Алардын ичинен бир минден ашыгын оор жана өзгөчө оор кылмыштар түздү, бул 2014-ж. январь-мартына салыштырмалуу 4,7 пайызга аз. Кылмыштардын негизги бөлүгүнүн 61,9 пайызын 2015-ж. январь-мартынын үлүшүнө туура келген жеке менчикке каршы кылмыштар түздү.

**102-таблица: Январь-марттагы катталган кылмыштардын аймактар боюнча саны**

| | Бардыгы-учурлар | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| **Кыргыз Республикасы** | **6645** | **7624** | **96,5** | **114,7** |
| Баткен облусу | 215 | 216 | 109,7 | 100,5 |
| Жалал-Абад облусу | 641 | 738 | 100,3 | 115,1 |
| Ысык-Көл облусу | 599 | 606 | 108,3 | 101,2 |
| Нарын облусу | 157 | 184 | 101,9 | 117,2 |
| Ош облусу | 571 | 596 | 98,8 | 104,4 |
| Талас облусу | 172 | 209 | 83,1 | 121,5 |
| Чүй облусу | 1239 | 1493 | 99,9 | 120,5 |
| Бишкек ш. | 2465 | 2968 | 86,9 | 120,4 |
| Ош ш. | 586 | 614 | 122,1 | 104,8 |

Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу жеке адамга каршы кылмыштардын саны 18,6 пайызга көбөйдү. Бүтүндөй республика боюнча ден соолукка атайылап анча оор эмес залака келтирип кол салгандардын саны 6,8 пайызга көбөйдү. Муну менен бирге мындай кылмыштардын санынын өсүүшү Ысык-Көл облусунда - 3,3 эсеге, Баткен облусунда - 2,5 эсе, Ош шаарында - 25 пайызга жана Жалал-Абад облусунда - 9 пайызга белгиленди. Зордуктоо жана зордуктоо үчүн кол салуулардын саны жалпысынан 14,3 пайызга өстү, анын ичинде Ош облусунда - 3 эсеге, Чүй облусунда - 35,7 пайызга, Талас облусунда - 33,3 пайызга, Ош шаарында - 25 пайызга өстү. Жалпы республика боюнча ден соолукка атайылап оор залака келтирип кол салгандардын саны 23,2 пайызга төмөндөдү, ошол эле убакта мындай кылмыштардын саны Ош облусунда 35,7 пайызга өстү. Өлтүрүү жана өлтүрүү үчүн кол салуу учурлардын санынын жалпы республика боюнча 7,7 пайызга азайганы менен катар мындай кылмыштардын саны Жалал-Абад облусунда - 1,8 эсеге, Ош облусунда - 1,6 эсеге, Баткен облусунда - 1,5 эсеге жана Бишкек шаарында - 30,7 пайызга өскөнү белгиленди. Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында 3 ирет (2014-ж. январь-мартында 4 ирет) адам сатуу фактысы катталган.

2014-жылдын январь-мартына салыштырмалуу бүт республика боюнча жеке менчикке каршы кылмыштардын саны 19,4 пайызга көбөйдү. Уурулуктун саны 18,8 пайызга өстү, анын ичинде Талас облусунда - 2,1 эсеге, Жалал-Абадда - 1,4 эсеге, Нарында - 32,5 пайызга, Чүй облусунда - 30,2 пайызга, Ош шаарында - 28,4 пайызга, Ош облусунда - 23,7 пайызга, Бишкек шаарында - 12,1 пайызга жана Ысык-Көл облусунда - 5,7 пайызга өстү. Жалпы республика боюнча мал уурдоо учурларынын санынын 7,2 пайызга төмөндөшү менен катар алардын өсүүсү Баткен облусунда (1,8 эсеге), Ош шаарында (33,3 пайызга), Ош (23,3 пайызга) жана Ысык-Көл (14,6 пайызга) облустарында белгиленди. Бүтүндөй республика боюнча алдамчылыктын саны 1,4 эсеге, анын ичинде Нарын облусунда - 8,3 эсеге, Талас - 2,2 эсеге, Ош - 2 эсеге, Баткен - 1,8 эсеге, Жалал-Абад - 1,5 эсеге, Чүй облусунда - 1,4 эсеге, Бишкек ш. - 1,3 эсеге жана Ош ш. – 25 пайызга белгиленди.

Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында экономикалык багыттагы кылмыштардын саны өткөн жылдын тийиштүү мезгилинин деңгээлинде калды. Ошол эле убактаа 2014-ж. январь-мартына салыштырмалуу паракорлук 25,8 пайызга, салык төлөөдөн четтөөсү 2 эсеге көбөйдү, ал эми жымырып алуу жана ишенип берилген мүлктү орунсуз жок кылуу кылмыштары тескерисинче, 17,6 пайызга азайды. Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында экономикалык багыттагы кылмыштардын материалдык залалдарынын суммасы 278,6 млн. сомду түздү, ал эми ал эми алардын ордун толтурууга кеткен чыгымдардын суммасы 17,2 млн. сомду же 6,2 пайызды түздү.

Баңгиликтин мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө байланышкан кылмыштардын саны 2014-ж. январь-мартына салыштырмалуу 6,6 пайызга азайган. Кылмыштардын эң чоң үлүшү (70 пайыздан ашыгы) баңги заттарды сатууну максат кылбастан сактоо менен байланышкан.

Үстүбүздөгү жылдын январь-мартында 1,6 тонна (2014-ж. январь-мартында - 2,8 тонна) баңги каражаттары жана психотроптук заттар кармалып алынды.

2015-жылдын январь-мартында коомдук жайларда 600 дөн ашык кылмыштар катталган, бул 2014-ж. январь-мартына салыштырмалуу 5,8 пайызга аз, анын ичинен 235 учуру көчөлөрдө, аянттарда, парктарда жана гүл бакчаларда катталган.

**103-таблица: Январь-марттагы катталган кылмыштардын негизги топтор боюнча саны**

| | Бардыгы - ирет | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
| Адамга каршы кылмыш | 555 | 658 | 103,9 | 118,6 |
| анын ичинен: | | | | |
| өлтүрүү | 78 | 72 | 114,7 | 92,3 |
| зордуктоо | 63 | 72 | 78,8 | 114,3 |
| ден соолукка атайылап оор залакат келтирүү | 56 | 43 | 81,2 | 76,8 |
| Менчикке каршы кылмыш | 3949 | 4717 | 90,6 | 119,4 |
| анын ичинен: | | | | |
| уурулук | 2248 | 2670 | 84,8 | 118,8 |
| мал уурдоо | 317 | 294 | 116,5 | 92,7 |
| алдамчылык | 603 | 821 | 95,7 | 136,2 |
| тоноо | 363 | 332 | 75,0 | 91,5 |
| карактап кол салуу | 117 | 116 | 144,4 | 99,1 |
| Коомдук коопсуздукка каршы кылмыш | 589 | 663 | 90,9 | 112,6 |
| анын ичинен: | | | | |
| зөөкүрлүк | 533 | 597 | 92,2 | 112,0 |
| Калктын ден соолугуна жана коомдук адептлүүлүккө каршы кылмыш | 548 | 526 | 116,3 | 96,0 |
| анын ичинен: | | | | |
| баңгилик жана баңги бизнесине байланыштуу кылмыш[1] | 494 | 490 | 109,5 | 99,2 |
| Экономикалык багыттагы кылмыш | 602 | 604 | 119,4 | 100,3 |
| анын ичинен: | | | | |
| жымырып алуу же ишенип берилген мүлктү орунсуз жок кылуу | 74 | 61 | 164,4 | 82,4 |
| паракорлук | 31 | 41 | 221,4 | 132,3 |
| кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу | 245 | 198 | 94,6 | 80,8 |

[1] Баңги каражаттардын контрабандасын кошпогондо.

2015-жылдын январь-мартында кылмыш кылган 4,5 миң адам катталды, бул 2014-ж. январь-мартына салыштырмалуу 21,7 пайызга көп. Алардын жалпы санынын 11,6 пайызын аялдар, 7 пайызын жашы жетиле электер түздү. Кармалгандардын жалпы санынын ичинен 16,7 пайызын кылмышты топтошуп кылгандар, 5,2 пайызын - мас абалында жана баңги каражаттарынын таасири менен, 6,1 пайызын мурда кылмыш кылып кармалгандар түздү. Кылмыш кылып кармалгандардын ичинен 81,9 пайызы эч жерде окубаган жана иштебеген адамдар, ал эми 96,4 пайызы Кыргыз Республикасынын жарандары болуп саналышты.

**104-таблица: Январь-марттагы кылмыш кылып кармалгандардын курамы**

| | Адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2014 | 2015 |
